Асек Казиев

# Сарногоевге салам кат

## Дастандар топтому

Бишкек - 2014

# Сарногоевге салам кат

(дастандар топтому)

БИБЛИОТЕКА
ПРЖЕВАЛЬ...
музы...
Инв. № 46884

УДК 821.51-93
ББК 83.3
К 14

**Казиев А.**
К 14 САРНОГОЕВГЕ САЛАМ КАТ. _Б.:2013. - 148б.


ISBN 978-9967-25-418-3

**Бул китепти чыгарууга демөөрчүлүк көрсөткөн Арык акенин урпагы Кучуков Кудайкул иниме терең ыраазычылык билдирем.**

Автор

К 4803300200-11
УДК 821.51-93
ББК 83.3
ISBN 978-9967-25-418-3

©Казиев А., 2013



***Айттырбай ажал жанды алаар,***

***Артымда өлбөс ыр калаар.***

***Кедей деп айтат кай бирөө,***

***Ханда жок байлык менде бар.***

*Асек Казиев – Байдылданын батасын алган акын. Байдыкем да Асек акындын басыгын, баш терисин байкап-баамдап, сөздөрүн салмактап, таразалап отуруп, таасын баа берип, акындыгына ак жол каалаган. Болбосо, татымы жок, эки ооз сөздү эп келтире албаган, баары-жокту бабырагандарга Байдыке бата бермек түгүл, башкача узатып коймок.*

*Асек – табиятынан нукура акын. Акын болгондо да Мидин, Байдылданын тибиндеги акын. Чукугандай сөз тапкан, шыдыр-шыр жазган, сөздү кынтыгы жок кынай билген зергер калемгер.*

*Үсөнбек Асаналиев,*

*ф.и.д., Кыргыз Республикасынын Улуттук*

*жазуучулар союзунун мүчөсү*

*КР Билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер*

## Байдылданын батасы

Карылыктын тузагына байланып, оорунун азабынан муун-жүүнүм тартышып, арып-азып, жылалбай калган чагымда сен салам айтып, ыр арнап келипсиң, Асек иним. Өзүң жөнүндөгү ырыңда: "Энекемден тыбырап эрте түшкөн тобурчактай кара баламын, торсоңдоп араңарда жүрөйүн, багытымдан адаштырбай, Байдыке арабаңа сала кетчи" – дегендей сөздөрдү жазыпсың. Окуп, берген ырларыңда менин жолумду жолдойун деген ниет – ыкласың, калем шилтешиңде менин усулумду тутунганың байкалды.

Кийинки кездерде ар кандай ыр жазган акын сымактар арбып, китеп чыгаргандар да көбөйдү. Мен кийинкилерди анча аңдыбай, кандай акындар чыгып атканын билбей да калдым. Жети-Өгүз жергесинде мен илгери болдум эле. Ошол куттуу жерде төрөлүп, өскөн кулундардан экенсиң. Эми акындык өнөргө ык койгон дем – дымагыңдын жалынын өчүрбөй, кыргыз ыр дүйнөсүнүн асманында чабытыңды чалып, колуңдан келишинче өз заманыңдын, мезгилиңдин тизгинин жылооло. "Балбай баатырдын керээзи" деген поэмаңды бир топ омоктуу баштапсың. Ошол доордун өйдө-ылдыйын, Балбай баатырдын айланасын-дагылардын кырдаалы кандай болгондугун, ага капшабы тийген, тиешеси бар кейипкерлердин да дайын даректерин, элес-турпаттарын камтый кетүү абзел.

Мен эми ага-буга чама келбей, көз да жакшы көрбөй баратыр. Мынабу алдымдагы радиону бурап, ааламдагы

өзгөрүштөрдүн, не деген реформалардын жүрүп жатканын, жаңылык кабарлардан боолголоп аңдап, кай жагына канатымы кагып, кайсынысына кабыргамы кайыштырарды билбейм, беймаза абалдамын. Элибиз ушу бүгүнкү алган багытында тезирээк ирденип, эркиндик заманынын үзүрүн көрсө дейм.

Мага арнап окуп берген "Салам кат" поэмада өлкөбүздө ушул кезде болуп жаткан өйдө-ылдый көрүнүштөрдү уйгу-туйгу турмушту мага отчет бергендей таризде, сырт жактан санактап кабарлапсың. Мен Мидин акынга жазган каттын усулун тутунупсуң. Ырларыңды окуп берип менден бата алайын деген дилгир үмүтүң бар экенин сездим. Эми, пейилиңен тап дегендей, ата-журтуңдун топурагы кан-жанына уюткан дем-шыгыңды, ниет-ыкласыңды азык кылып, күч-кубатыңды казык кылып, көкүрөгүңдү көксөгөн мүдөөңө карай албырт. Ырамандын ырчы уулу баштап, байыркы Токтогулдай ыр пирлери жаныңа жар болсун.

*Байдылда Сарногоев,*
*Кыргыз эл акыны.*
*24.03.2004 ж.*

## Сарногоевге салам кат

Байдыке кандай абалың,
Багабы жакшы балдарың?
Байбичең күүлү турабы,
Бапестеп берип тамагын?
Белгилүү акын элеңиз,
Билинбей кетти кабарың.

Кымбаттуу акын агайым,
Колуңдан түшпөй каламың.
Сандаган акын ичинде,
Сары алтын эле салмагың.
Жем түшсө дагы бутуңа,
Жеткирбей жүрдүң далайын.

Мидикем менен бир бастың,
Райкан менен сырдаштың.
Колтукташып бир жүрүп,
Колунан далай даам таттың.
Албасаң дагы орден наам,
Ак калпак элге кымбатсың.

Жабышып алып карылык,
Жылуулап жууркан жамынып.
Он жылдан бери үйдөсүз,
Ойдо жок оору кабылып.
Тыңдагын акын агайым,
Тыш жактан айтам жаңылык.

Талантың элге таанылып,
Тайында чыктың чабылып.
Табына келип турганда,
"Таш коргон" жүрдү азгырып.
Баш оту менен таш коргон,
Байларга кетти сатылып.

Таң атпай келчү жабылып,
Тамаша күлкү жаңырып.
Бир кружка жутканда,
Башыңыз калган жазылып.
Батмакандын бозосу ай,
Байдыке жүрөт сагынып.

Куйкумдуу ырлар жаңырып,
Курдаштар келчү жабылып.
Кружкасын жутканда,
Курушкан денең жазылып.
Күлүмкандын бозосу ай,
Күнүгө күтөт сагынып.

Кезегин күткөн бозонун,
Көрүнбөйт батальонуң.
Чакырып сыйлай берчи элең,
Чөнтөктө баарын болгонун.
Алыңды сурап турабы,
Андагы кымбат досторуң?

Кезек жок азыр түртүшкөн,
Кырк кадам сайын бир дүкөн.
Коньяк менен аракты,

Кыргыздар жасайт үйүнөн.
Кызыр кирген немедей,
Клиент кирсе сүйүнгөн.

Солк эттирбей кармаган,
СССР Союз тараган.
Коммунист кетти бийликтен,
Кремль жакты караган.
Эгемендүү эл болдук,
Эл атасын шайлаган.

Акылдуу десең акылдуу,
Айтканы абдан жалындуу.
Ажообуз Аскар Акаев,
Ааламга абдан кадырлуу.
Кичине кыргыз өлкөбүз,
Кыйлага Баке таанылды.

Билимдүү десе билимдүү,
Баардык журтка күйүмдүү.
Кадырлуу президентибиз,
Кам көрүп муунга кийинки.
Көбөйттү окуу жайларын,
Болсун деп балдар илимдүү.

Көбөйдү окуу тармагы,
Көбөйдү окуу жайлары.
Компьютер менен ойношот,
Кыштактын кызы, балдары.
Кругозору күчтүү деп,
Кытайлар көрүп таң калды.

Ойдогудай жолдобуз,
ООНго мүчө болгонбуз.
Элүүдөн ашык өлкөгө,
Элчилик ачып койгонбуз.
Самолёт менен кыдырып,
Саякат кылып ойнойбуз.

Баарыбыз бирдей ойдобуз,
БУУга мүчө болгонбуз.
Баштагыдай корунуп,
Москвадан коркпойбуз.
Кырктан ашык өлкөгө,
Консулдук ачып койгонбуз.

Түрктөр келди боорум деп,
Кытайлар келди коңшум деп.
Аэропорт болгон Манаска,
АКШ келди досум деп.
Ар түрдүү динди таратып,
Аралап жүргөн чоочун көп.

Эркиндик алдык кубандык,
Эзилип күтүп турбадык.
Конкуренцияга туруктуу,
Кыргыздын сомун чыгардык.
Базардын сырын биле албай,
Баш чагында кыйналдык.

Манастын тоюн өткөрдүк,
Меймандар келди көп жердик.
Татынакай айыл куруп,
Таласка ачтык эстелик.
Бүт дүйнөгө таанылдык,
Байдыке, бу дагы болсо өскөндүк.

Көмүскө жаткан катылып,
Көп жылы келген жашырып.
Кыргыздын чыгаан уулдары,
“Контур” деп кетсе атылып.
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Ардактап жерге жашырдык.

Тоолордун жылын өткөрдүк,
Туристтер келди көп жердик.
Кызыгып кыргыз жерине,
Кыдырса кыйла жер көрүп.
Жакшылап тейлеп, тыйын таап,
Жашообуз барат өзгөрүп.

Жети облус эл болдук,
Жетинин бири чоң болдук.
Жыргап куунап жатабыз,
Жылга бирден той болуп.
Курсакты сылап жүрөбүз,
Кредит келсе жеп коюп.

Танды кеч иштеп талаада,
Тапканын салып аракка.
Таалайын таппай жеринен,

Топ жаштар кетти казакка.
Тонолуп кетип өнөр жай,
Токтоду завод, фабрика.

Кыргыздын жерин сүйгөн көп,
Кыргыз эл үчүн күйгөн көп.
«Эл өкүл кылып шайла» - деп,
Эл кыдырып жүргөн көп.
Калкына тийбей жардамы,
Куйруктарын түйгөн көп.

Өз өлкөсүн сүйгөн көп,
Ооз учунан күйгөн көп.
Учурашып эл менен,
Убадасын үйгөн көп.
Өйдө чыгып алган соң,
Өз камы үчүн жүргөн көп.

Адилеттикти коргогон,
Аксыда чыкты тополоң.
Кырчындай болгон жигиттер,
Кыйылды өмүр ондогон.
Өз элин көздөй ок атып,
Өз элин минтип кордогон.

Калинин, Маркс айылдарын,
Кыргызча койдук аттарын.
Окутуп азыр жатабыз,
Кыргыздын "киргиз" балдарын.
Коно албай деле жүрүшөт,
Коммунист болгон чалдарың.

Баарысы жакшы жазылган,
Баш мыйзам алдык бакыйган.
Эркиндик, теңдик, биримдик,
Эң эле сонун камтылган.
Желеги герби кыргыздын,
Жеңишке элин чакырган.

Эл баккан баатыр балдарын,
Эскердик өткөн хандарын.
Эстелик ачтык Бишкекке,
Ормон хан менен Шабдандын.
Күмбөзүн койдук жаңыртып,
Кайнагаң баатыр Балбайдын.

Карыга көрүп камкордук,
Карылар жылын өткөрдүк.
Кымбаттатып светти,
Пенсиясын көтөрдүк.
Токол алып кай бирөө,
Каарылар кылды көпкөндүк.

Куру сөз менен жыргаттык,
Куушуруп турат кымбаттык.
Таңдан кечке базарда,
Табабыз тыйын курсактык.
Эмнесин айтам Байдыке,
Эмиратка кыз саттык.
Чет өлкө берип жардамды,
Бишкектен Ошко жол салды.
Көңүл тоот тим эле,

Көргөндөр абдан таң калды.
Жолоочуну тейлеген,
Жол боюна шаар салды.

Бишкекте бир топ жаңылык,
Баратат күндө жаңырып.
Беш жылдыздуу конок үй,
Беш айда бирден салынып.
Кредит берип чет элдик,
Күн сайын келет жабылып.

Батирде жүрчү кыргыздар,
Бишкектен баары жер алган.
Шымаланып киришип,
"Шикарный" кылып үй салган.
Бакай-Ата, Ак-Өргө,
Баш адашат айылдардан.

Бизнесмен кыргыз байлар көп,
Бечара журтка жардам жок.
Сойкулар үйүн ачышып,
"Соопчулук" кылган андан көп.
Бейиштей сонун там салып,
Билгени болду оюн зоок.

Жакшыртып жашоо турмушун,
Жоргонун минип сулуусун.
Таланттуу ишкер жигиттер,
Таң калтат немис улутун.
«Жигулини» жактырбай,
«Жип» минип жүрөт кыргызым.

Баардык жерде базар көп,
Бакырат арзан сатам деп.
Баш-аягын таба албай,
Банкрот болуп калган көп.
Кайгырбайбыз, Байдыке,
Кай жерден башты жазам деп.

Көчө сайын кул базар,
Көмүскө жерде гүл базар.
Кирешелүү экен дейт,
Келин-кыз үчүн түн базар.
Көрө элекмин Байдыке,
Керемет дешет бул базар.

Фабрика, завод таланган,
Кай бирөө иштейт аран жан.
Баягы баатыр жумушчу,
Баш паанек тапты базардан.
Эркиндик алып аялдан,
Эркектер үйгө камалган.

Тетигин жагып бүлдүрүп,
Темирин сатып бүтүрдүк.
Кейиген менен пайда жок,
Кечигип баарын түшүндүк.
Жетекчи болуп алгандар,
Жыргалын ойлойт бир күндүк.

Аллюминь саттык, жез саттык,
Аракка көбүн алмаштык.
Жең ичинен соодалап,
Жер алдында кен саттык.
Айбыгып турам айта албай,
Атадан калган жер саттык.

Бассаң-турсаң баары акча,
Башмалдак аткын тап акча.
Төрөт үйгө жаткырбай,
Төлө деп турат нак акча.
Аялың үйгө жибербейт,
Алып барбасаң таап акча.

Кызыктар көп санаса,
Кай бирөөнө тамаша.
Туалетке киргизбей,
Төлө деп турат сары акча.
Түбөлүк жайга барсаң да,
Төрт бурчтуу көрүң дагы акча.

Айылда бир топ жаңылык,
Базарга баары багынып.
Жоголду бая ак койлор,
Жоо тийгендей чабылып.
Макталып жатчу чарбалар,
Менчикке кеткен чачылып.

Шынаарлап бийлик ээлерин,
Шылуундар кылды билгенин.
Чыгарып алды менчикке,

Чүйгүндөп майлуу жерлерин.
Бийликке жүргөн ишенип,
Бечара алды тийгенин.

Билгендер айтса тил албай,
Базардын сырын биле албай.
Кырк жылы жүргөн койчулар,
Кой эмес, кочуш жүн албай.
Кокуйлап калган кыргыз көп,
Кой багып жүрүп түк албай.

Туз берип баккан койлоруң,
Тукуму бүгүн үзүлгөн.
Түшүнгөндөр оозунуп,
Түрктөргө сатып бүтүргөн.
Терисин сатып кытайга,
Теричи жүрөт жүгүргөн.

Сарайдын баары бүлүнгөн,
Сатканын бузуп бүтүргөн.
Сарамжалдуу фермерлер,
Саналуу калды күжүрмөн.
Кеңейтип кээси салган бар,
Келечегин түшүнгөн.

Жеңе жок азыр бээ сааган,
Чабан жок азыр кой жайган.
Жыбырап койлор жайылчу,
Жайлоонун баары ээн калган.
Тоодон түшүп малчылар,
Тачка сүйрөйт базардан.

БИБЛИОТЕКА
ПРЖЕВАЛЬ
МУЗ...
ИНВ. № 46884

Кыштактагы тууганың,
Көбөйтүп жатат уй жагын.
Сасык деп мурда жериген,
Сыйлуу болду уйларың.
Сатышат шаарга алпарып,
Сүтү менен айранын.

Дыйкандын баары жер алган,
Үлүшүн бөлүп тең алган.
Дүмүрөңдөп иштешсе,
Дунгандар көрүп таң калган.
Жалкоолор жүрөт жарыбай,
Жалпы журттан кем калган.

Жакшы жашайт тытынган,
Жарды болду ышынган.
Кудай берди жалкоого,
Бригадир жок кыйкырган.
Курсагы үчүн күнүмдүк,
Кызмат издеп кыдырган.

Башына селде чалынган,
Баңгизат жонго артынган.
Баткенден кирип кол салды,
Бандиттер пулга сатылган.
Тынчтыгын бузган элимдин,
Террорист экен ашынган.

Эненин сүтүн актады,
Эл жүрөк кыргыз жаштары.
Кырчындай болгон жигиттер,

Кыргыздын жерин сактады.
Кут конгон жерге жолотпой,
Кубалап ары таштады.

Ак үй көзүн салган жок,
Адабий журнал калган жок.
Чыгаан журнал "Ала-Тоо",
Чыкпай калды жардам жок.
Чыгармачыл адамдар,
Чыркырап коргоп калган жок.

Өкүмөт көзүн салган жок,
Өкүнөбүз айлаң жок.
Кыргыздын маданияты,
Көмүскө калды жардам жок.
Коммерсант болду акындар,
Көркөм сөздөн пайда жок.

Көркөм журнал калган жок,
Куйкум сөздүү "Чалкан" жок.
"Мурас" чыгып келатып,
Мүргүп калды дарман жок.
Челнокчу болду акын кыз,
Чыгармадан пайда жок.

Байдыке, менин багыма,
"Крыша" болгон жаныма.
Кыргыздан бирөө чыккан жок,
Кай бирде калам таарына.
Кой багып тоого кетсемби,
Кол шилтеп салып баарына?

Изилдеп кыргыз тарыхын,
Иликтеп көрсөк баарысын.
Байыркы элден экенбиз,
Бек кармап келген намысын.
Өзүнчө өлкө болгон деп,
Окудук жазган жазуусун.

Бээжинден бери аңтарып,
Тарыхын абдан тактадык.
Жыйырма эки кылым тоюна,
Камылга көрө баштадык.
Быйыл күздө өтөт деп,
Баарына койдук жар салып.

Кайраттуу эле демиңиз,
Карылыкты жеңиңиз.
Кыргыздын улуу тоюна,
Кайкалай басып келиңиз.
Куттуктап эмне айтат деп,
Кулагын түрөт элибиз.

Сары майдай эле кебиңиз,
Сагынды сизди элиңиз.
Байбичеңди ээрчитип,
Байдыке, тойго келиңиз.
Бакыйып төргө олтуруп,
Балдарга бата бериңиз.

## Балбай баатырдын керээзи

Алыскы Верний калаадан,
Айдалып эрксиз камалгам.
Акырет кетип баратып,
Алсырап жатып араң жан.
Кымбатым кыргыз элим ай,
Керээзин уккун Балбайдын.

Кат жазам Верний калаадан,
Кабар ук баатыр Балбайдан.
Күнөстөн кармап кырк аскер,
Күнөкөр болуп айдалгам.
Кол бутка кишен салынып,
Көк темир торго камалгам.

Көк майсаң жашыл белесиң,
Көзүмдөн кетпейт элесиң.
Ырыскы чачкан элиме,
Ысык-Көл ыйык энемсиң.
Баратып тиги дүйнөгө,
Балбайың айтат керээзин.

Жаркылдап колдо кылычым,
Жашымдан абдан тың чыктым.
Айлымды коргоп турчу элем,
Алдырбай жоого жылкысын.
Ташкоргон бийик дубалда,
Түгөнүп барат ырыскым.

Кайраттуу чыктым, тың чыктым,
Калмактын чаптым жылкысын.
Олжо сурап келгенге,
Он-он бештен ыргыттым.
Найзаны колдон түшүрбөй,
Намысы болдум кыргыздын.

От болуп күйүп курч чыктым,
Ойроттун чаптым жылкысын.
Соогат сурап келгенге,
Санабай туруп ыргыттым.
Кылычты колдон түшүрбөй,
Кыйыны болдум кыргыздын.

Солтонкул берсе күлүгүн,
Союулун чаптым жүгүрдүн.
Ажыратып берчү элем,
Алдырса жоого жылкысын.
Кысталса кындан суурулган,
Кылычы болуп жүрүпмүн.

Боронбай берсе тулпарын,
Болушуп ага чуркадым.
Багынтып айдап келчү элем,
Басташкан далай душманын.
Тентектик кылып кай бирде,
Тек жүрчү десе укпадым.

Четинден найза ачтадым,
Чап деген жоосун чапканмын.
Чатакташкан доо келсе,

Чабышып тузун актадым.
Ойумда такыр жок эле,
Оруска мени сатканың.

Жай-кышы камдап союшун,
Жылкыга толду конушуң.
Өзөктү жаман өрттөдү,
Өмүрзак Күчүк доңузуң.
Жылдыздан кармап беришти,
Жол баштап барып орусуң.

Таап берип тандап союшуң,
Толтурсам малга конушуң.
Эмгегим барктап билген жок,
Эт курсак Зарпбек болушуң.
Эл-журттан бозуп жүргөндө,
Ээрчитип барды орусуң.

Кыйкырып айдап жылкысын,
Кыдырып ичип кымызын.
Ынтымак курган эл элек,
Ысык-Көл төксө ырысын.
Күүлөнүп Ормон хан чыкты,
Кудаяр түртсө тымызын.

Хан болуп Ормон жарыктык,
Калкына кылбай калыстык.
Кут конгон бугу жерине,
Кызыгып напси агытып.
Кылжырдын эки баласы,
Кызыл уук болуп чабыштык.

Күчтүүгө күчсүз таланып,
Күнөөсүз далай кан агып.
Эришти бузуп эл чапкан,
Эрдик деп аны санадык.
Баатырлар турса жоолашып,
Бечара журттан не жазык.

Алдуута алсыз таланып,
Айыпсыз далай кан агып.
Баатырдык экен деп жүрдүк,
Бей күнөө журтту чаап алып.
Хан, бектер турса тирешип,
Калайык журтта не жазык.

Буйткага тартып тузакты,
Бугудан жылкы уурдатты.
Кубалап барсам хан Ормон,
Түбүнөн кести кулакты.
Көңүлдөн кетпес так салып,
Көркүмдү бузуп чунайтты.

Аярлап тартып тузакты,
Айылымдын жылкы уурдатты.
Тогуз ай кармап зынданга,
Тоңдуруп ичим муздатты.
Тогуз ат алып тартууга,
Тонумду бербей узатты.

Ырыскы чачып жериңе,
Ынтымак куруп элиңе.
Аалыбек менен Балбайды,
Айланта курчап белиңе.
Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Адил хан болсоң эмне.

Тынчтыкты чачып жериңе,
Туткасы болуп элиңе.
Ажыбек менен Байтикти,
Курчанып алып белиңе.
Кыргызга кызыл туу болуп,
Калыс хан болсоң эмне?

Калыгул айтса укпай кеп,
Коңшуңду чаптың душман деп.
Кол баштаган Балбайды,
Козуча кармап мууздайм деп.
Калыгулду бер десем,
Катын бугу укпайт деп.

Тилекмат айтса укпай кеп,
Тууганды чаптың душман деп.
Баатырсынган Балбайды,
Байлап бир алып мууздайм деп.
Аалыбек кулду бер десем,
Айтканым бугу укпайт деп.

Карынын сөзүн сыйлабай,
Калыгул айтса тыңдабай.
Кара өзгөй болуп хан Ормон,

Калың бир журтту кыйнады ай.
Калкымдын коргоп намысын,
Кармашып чыктым чыдабай.

Сакалдуу сөзүн сыйлабай,
Сарт аке айтса тыңдабай.
Салыгын алып тынч жатпай,
Сапырып элди кыйнады ай.
Санташтын тозуп оозунан,
Сайышып чыктым чыдыбай.

Балбайлап ураан чакырдым.
Баскынчы ханды качырдым.
Кулактын куну үчүн деп,
Курсакка найза матырдым.
Күпүлдөп келген Ормонду,
Кудайга өзүм тапшырдым.

Бугу деп ураан чакырдым,
Бузуку ханды качырдым.
Бир кулактын куну деп,
Бөйрөккө найза матырдым.
Ажалың айдап келгенби,
Жээниңе неге катылдың?

Көркоолор түртсө тымызын,
Көтөрө чуркап кылычын.
Калкына калка боло албай,
Хан Ормон төккү ырысын.
Кор болдуң куру намыс деп,
Кочушка толбой кыргызым.

Кыйкырдык куру намыс деп,
Кыйратып эмне табыштык.
Пайдасы тиер бекен деп,
Башкадан издеп калыстык.
Омбуга барып Качыбек,
Оруска барып жабыштык.

Бекемдеп салып турагын,
Бек кармап орус сурагын.
Жайкалган жерден ажырап,
Жалдырап карап муңайым.
Айрылып ата конуштан,
Аска зоо болду турагың.

Ичиңден түтөп күйүнүп,
Ийиле чуркап жүгүрүп.
Төбөсүн көрсөң орустун,
Тебетей алып жүгүнүп.
Темирин такса мойнуңа,
Териңе батпай сүйүнүп.

Бей күнөө кыргыз балдарын,
Бергин деп күлүк аттарын.
Бербесе тилдеп балдырап,
Беш атар менен атканын.
Байкоосуз чыгып үстүнөн,
Баштарын кыйа чапкамын.

Коргоосуз кыргыз балдарын,
Көргөндө аскер атканын.
Көмүскө барып артынан,
Ким көрдү кылып таштадым.
Тилмечи болгон Ногойдун,
Тилин бир сууруп таштадым.

Эненин сүтүн актадым,
Элимди жоодон сактадым.
Ээм баш аскер куну үчүн,
Элиме бүгүн батпадым.
Кыргыздан орун таба албай,
Калмакты көздөй качканмын.

Бугуну жоодон сактадым,
Бугунун сүтүн актадым.
Аалыбек келсе таарынып,
Ант шертти бузуп сатпадым.
Кагылайын Ысык-Көл,
Кантейин, сага батпадым.

Зарделүү элең башынан,
Зарыпбек түштүң артыман.
Бунтарь деп баатыр Балбайды,
Вернийден аскер чакырсаң.
Калабам калкка тиер деп,
Калмакка барып жашынгам.

Өч элең мага башынан,
Өмүрзак түштүң артыман.
Өзөгүм жаман өрттөндү,
Орустан аскер чакырсаң.
Таланбасын элим деп,
Текеске барып жашынгам.

Элимден качтым түн катып,
Эңгилчек ашуу белди ашып.
Киндик кан тамган Ысык-Көл,
Каңырык түтөйт жан ачып.
Кыргыздан орун таба албай,
Калмакка кеттим адашып.

Калкымдан качтым түн катып,
Каркыра ашуу белди ашып.
Жарыктык Ысык-Көл эне,
Жалдырап карап жан ачып.
Туугандан орун таба албай,
Текеске кеттим адашып.

Куюгуп барып эл жерден,
Коңулду тапсам Текестен.
Баатыр эле, курч эле,
Балбайды тартып эр жеткен.
Байкашка менен Тайкашка,
Балдарым өлдү чечектен.

Темселеп кетип эл жерден,
Турак таап турсам Текестен.
Он сегиз жашта курагы,
Өзүмдү тартып эр жеткен.
Эңгиретип Балбайды,
Эки уулум өлдү чечектен.

Берендерден айрылып,
Бүк түшүп жатсам кайгырып.
Белимди түзөп тура албайм,
Бир жактан өпкөм кагынып.
Байкоосуз басты үстүмөн,
Балдырап аскер жабылып.

Өмүрзак уккун акмагым,
Ойдо жок жорук баштадың.
Кайнатаң Ормон куну үчүн,
Карматып мени таштадың.
Калаарсың Түптүн сазында,
Кайтарып орус каздарын.

Эр Өмүр элең жолдошум,
Өзүңдөй кантип шер болсун.
Сүрөөнчүм болуп дайыма,
Сүрүңдөй элең жолборстун.
Кармалып кетип баратсам,
Каңырык түтөп коштоштуң.

Жети жүз ашык кол алып,
Жигиттен тандап мол алып.
Жанек, Карач, Ашырбай,

Жан жолдош кылып чогуу алып.
Куткарам деп келипсиң,
Каркыра туштан кол салып.

Мусапыр азыр пендемин,
Муң кайгы көрбө эл, жерим.
Орустар оңой жоо эмес,
Оп тартам десе кантейин?
Саламат элим калгыла,
Садагаң болуп кетейин.

Камоодо турган пендемин,
Кайгыны көрбөй эл жерим.
Таңылып кетип баратам,
Тагдырым экен, кантейин?
Кымбатым кыргыз эл үчүн,
Курмандык болуп кетейин.

Түз жерин алаар мужуктар,
Топтошуп келип уюктар.
Тоо ташка сүрүп чыгараар,
Төрөдөн келип буйруктар.
Тыңынды терип четинен,
Түрмөгө салып курутаар.

Көл жээгин алаар мужуктар,
Хуторун салып уюктар.
Бийликти алаар колуна,
Бөйпөндөп ичи бузуктар.
Кыйынын терип четинен,
Кыр шибер айдап курутаар.

Ээн эркин элим басалбай,
Ээн эркин малың жаялбай.
Корукка түшкөн малыңды,
Корунуп сурап алалбай.
Кордукту тартаар бекенсиң,
Коргоосуз жетим баладай.

Карагат терип алалбай,
Карагай отун жага албай.
Жайытка түшкөн малыңды,
Жалдырап сурап алалбай.
Жапаны тартаар бекенсиң,
Жаш калган жетим баладай.

Токойдон отун алалбай,
Түтөтүп отун жагалбай.
Мекендеп аска тоо ташты,
Мергенден корккон маралдай.
Чегиңди койсо кайтарытып,
Чек ара бузуп кача албай.

Тың чыкса кээ бир жигиттер,
Түрмөгө тыгып чиритээр.
Акыйкат чындык жоголуп,
Арызың укпас бийликтер.
Иниңе агаң кас болуп,
Ичиңди бузуп иритээр.

Темирден тулпар ат чыгаар,
Тууганга тууган кас чыгаар.
Тойгонун такыр билбеген,
Топуксуз болор жакшылар.
Тапканын салган аракка,
Тамтаңдап баскан мас чыгаар.

Кагазга жазган кат чыгаар,
Кандашың сага кас чыгаар.
Калкына калка боло албай,
Кайрымсыз болор жакшылар.
Кайрычы эмес жинди эмес,
Калжаңдап жүргөн мас чыгар.

Кыргыз эл элең момун жан,
Күлүгүң жыгып жолуңдан.
Байланып кылыч белине,
Балагын алган жонуңдан.
Кудайдан жаман коркорсуң,
Кызыл чок деген доңуздан.

Жоош элең элим момун жан,
Жоргоңду жыгып жолуңдан.
Аябай жаман коркорсуң,
Старчин болуш чоңуңдан.
Айылчылап калаар бекенсиң,
Арык ат минип чобурдан.

Үйрөтөр ачуу суусуна,
Үйрөнбө элим ушуга.
Жалжактап калаар бекенсиң,

Жин ооруу болуп, кутурма.
Зайпана балдар төрөлүп,
Зыяны тиер тукумга.

Бир болор элим конушуң,
Билимин үйрөн орустун.
Байлык деп малды ээрчибей,
Балдарың сүрөп окуткун.
Алышып жүрүп не таптык,
Азабын тарттык согуштун.

Жанаша болоор конушуң,
Жакшысын үйрөн орустун.
Жайытта малды ээрчибей,
Жаштарың сүрөп окуткун.
Жарылып улам бөлүнбөй,
Жакшыңды сүрөп болушкун.

Билимдүүң чыгып жол башта,
Берээндер чыгып эл башта.
Бириндеп жүрүп не таптык,
Бириңе бириң ор казба.
Улуулар куруп ынтымак,
Уютку болгун кыргызга.

Акылдууң чыгып жол башта,
Азамат жигит эле башта.
Кыйының чыкса көтөргүн,
Кысталыш жерден ор казба.
Карылар куруп ынтымак,
Каймагы болгун кыргызга.

Аталаш иним Ашырбай,
Айтайын сага жашырбай.
Артымда калган Мойнокту,
Ала жүр журтта калтырбай.
Өзүмдү тартып эр жетсин,
Өз тууган кордоп басынбай.

Ажалдан кайда качайын,
Акыркы керез айтайын.
Алп кеткиле сөөгүмдү,
Ат коштоп келип атайын.
Шарпылдаган Ысык-Көл,
Шоокумун тыңшап жатайын.

Тагдырдан кайда качайын,
Тууганга керээз айтайын.
Казакка сөөгүм калтырбай,
Көтөрүп кеткин агайын.
Толкуган Ысык-Көлүмдүн,
Толкунун тыңшап жатайын.

Ажалга ар ким багынат,
Ак мата ороп жамынат.
Айжан апам тапкан жер,
Асыл жер элең Сары-Булак.
Арык Белек биригип,
Ак күмбөз салган жакшылап.

Хан, бектер баары багынат,
Кырк кез мата жамынат.
Кабырым кан жол бойунда,

Касиеттүү Сары-Булак.
Кайран Балбай өттү деп,
Күмбөзүм салгын жакшылап.

Кербендер өтөөр жол кезип,
Хан, бектер өтөөр термелип.
Каситиң колдо деп,
Кайырчы өтөөр сенделип.
Баатыр Балбай жатат деп,
Бата кылаар эскерип.

Жолоочу өтөөр жол кезип,
Жакшылар өтөөр термелип.
Жараткан өзүң колдо деп,
Жардылар өтөөр сенделип.
Эр Балбай мында жатат деп,
Эскерип тураар эл келип.

## Кайран эл

ССCРден бөлүнүп,
Азат болду кайран эл.
Алга баспай арт жакка,
Назад болду кайран эл.
Митайымдар эл бийлеп,
Манап болду кайран эл.

КДКны кыйкырып,
Колдоп чыктың кайран эл.
Кыргызымдын намысын ,
Коргоп чыктың кайран эл.
Коммунистин баарысын,
Кордоп чыктың кайран эл.

Жекшеевди жаштарың,
Ээрчип алдың кайран эл.
Төрт сотоктон участок,
Кесип алдың кайран эл.
Турак жайды тууралап,
Чечип алдың кайран эл.

Апсаматты президент,
Каалабадың кайран эл.
Партократ болчу деп,
Шайлабадың кайран эл.
Академик физикти,
Тандап алдың кайран эл.

Өнөр жайды талкалап,
Жезди саттың кайран эл.
Үзөнгү-Кууш, Каркыра,
Жерди саттың кайран эл.
Канадага Кум-Төрдөй,
Кенди саттың кайран эл.

Чет өлкөдөн кредит,
Алып жаттың кайран эл.
Бийлиги бар шылуундар,
Байып жатты кайран эл.
Барган сайын пейилиң,
Тарып жатты кайран эл.

Жаз жарышта жериңди,
Айдабады кайран эл.
Жыйын менен пикеттен,
Жадабады кайран эл.
Бийлик үчүн кай бирөө,
Пайдаланды кайран эл.

Шайлоолордо шарактап,
Добуш саттың кайран эл.
Акчалуусун абайлап,
Тооруп саттың кайран эл.
Төрт стакан аракка,
Тоюп саттың кайран эл.

Шаракташып жаштарың,
Шаарга качты кайран эл.
Алып, сатып базарда,

Арга тапты кайран эл.
Жашыл бактын түбүндө,
Жарма сатты кайран эл.

Ар кай жерге күркө ачып,
Арак саттың кайран эл.
Ак коюнду аракка,
Баалап саттың кайран эл.
Алп Манастын урпагы,
Каракташтың кайран эл.

Момундугуң шылуундар ,
Билип алды кайран эл.
Параколор жонуңа,
Минип алды кайран эл.
Баш мыйзамды кол тийгис
Чийип алды кайран эл.

Баш мыйзамды барктабай,
Бурмалады кайран эл.
Бир кишиге бийлетип,
Буйдалады кайран эл.
Баекова баш болуп,
Тууралады, кайран эл.

Кылмышкерлер ак үйгө,
Кирип алды кайран эл.
Өтүктөрүн төрүнө,
Илип алды кайран эл.
Бакиевдер башыңа,
Минип алды кайран эл.

Пара берип балдарың,
Билим алды кайран эл.
Кайыры динге кыздарың,
Тийип алды кайран эл.
Кай биреелер арапча,
Кийип алды кайран эл.

Падышадан бак айтпай,
Бакыр болдуң кайран эл.
Жакшыларың тоюнбай,
Жакыр болдуң кайран эл.
Талааларың айдалбай,
Такыр болдуң кайран эл.

Эркиндикке магдырап,
Кайыф болдуң кайран эл.
Калагы жок деңизде,
Кайык болдуң кайран эл.
Бакай өңдүү башчың жок,
Карып болдуң кайран эл.

Партияга бөлүнүп,
Бириндедиң кайран эл.
Ичи туюк жарадай,
Ириңдедиң кайран эл.
Өйдөлөбөй ылдыйлап,
Кийин дедиң кайран эл.

Акаевдин тушунда,
Арык болдуң кайран эл.
Бакиевдин тушунда,
Балык болдуң кайран эл.
Таштуу жерге урулган,
Казык болдуң кайран эл.

Тачка сүйрөп базарда,
Качыр болдуң кайран эл.
Басып алып ак үйдү,
Баатыр болдуң кайран эл.
Магазинди талкалап,
Маашыр болдуң кайран эл.

Жалган сүйлөп падышаң,
Жарга бардың кайран эл.
Эки ажоону ээрчибей,
Тайгаландың кайран эл.
Коррупция гүлдөгөн,
Сазда калдың кайран эл.

Казак менен оруска,
Элди чачтың кайран эл.
Эркек эмес аялдан,
Шерди таптың кайран эл.
Эки ажону кууп чыгып,
Бери тарттың кайран эл!

## Чынгызга терме

Чыгарган атын эл жерди,
Чынында зор го эмгеги.
Чыгыш менен батыштан,
Чыкеме кимдер тең келди.
Чолпону кыргыз элимдин,
Чыңгыздан баштайм термени.

Тогуз жаш анда курагың,
Тартыпсың кайгы убайым.
Төрөкул атаң кармалып,
Билалбай кайда тураарын.
Ар кандай ушак сөз угуп,
Агыздың жашын ызанын.

Көр тирлик менен алышып,
Күн айлар өттүү жарышып.
Көөдөнгө толуп кусалык,
Келбеди атаң сагынтып.
Контурдун уулу деген ат,
Көп жылы жүрдүү жабышып.

Бир үйдүн элең чоң уулу,
Бел байлаар апаң оорулуу.
Алаамат уруш башталып,
Анын да тийип оордугу.
Табелчи болуп колхоздо,
Таштадың мектеп окууну.

Кыйналган элдин тагдырын,
Көз менен көрүп баардыгын.
Кошок,ый, жоктоо, өкүрүк,
Зыркырап кырк беш тамырың.
Ошондой кезге туш келди,
Өспүрүм курак жаштыгың.

Жетем деп бийик максатка,
Кээде ток,курсак кээде ачка,
Уруштун кары кете элек.
Улантып билим Жамбулда,
Китептен башты көтөрбөй,
Күрөштүн катаал тагдырга.

Тагдырды татаал жеңдиңиз,
Тулпардай арыш кердиңиз,
Толгонай ,Дүйшөн,Жамила,
Тартуулап элге бердиңиз.
Сандаган кыргыз жаштарга,
Саяпкер болду демиңиз.

Таптакыр эстен кете элек,
Тамганы окуйм эжелеп.
Таап алып обон китепти,
Талыкпай окуп эрте кеч.
Данияр менен Сейитке,
Таанышкан элем эртелеп.

Өспүрүм бала курагым,
Өчүрбөй үйдүн чырагын.
Жамила менен Сейдеге,
Жанаша жашап кыялым.
Бал китеп өңдүү обонду,
Башыма жаздап уктадым.

Жер суусу колдоп Таластын,
Арбагы сүрөп Манастын,
Ак жолтой болуп Жамилаң,
Ачылып залкар талантың.
Арагон окуп жактырып,
Ауезов берген батасын.

Бетме-бет аттуу чыгармаң,
Биз жактан катуу сындалган.
Өзүбүз осол көрсөк да,
Орустар окуп суктанган.
Сүрөттөп бердиң чындыкты,
Сокодой болуп дың бузган.

Биринчи болуп жерине,
Билимди чачкан элине.
Баркталбай Дүйшөн карганда,
Башкарма албайт теңине.
Сый көргөн эли журтунан,
Сельсовет кылсаң эмине.

Жалган деп айтпас окуган,
Жашытат жазган окуяң.
Толгонай шпал кучактап,

Боздосо боорум ооруган.
Женишти тирүү тозсо эмне,
Жайнактай шайыр боз улан.

Турмуш татаал баарынан,
Турмуш курган жаңыдан.
Кайраттуу жигит Долондон,
Канаты артка кайрылган.
Табышпай Асел Илияс,
Тагдыры эрксиз багынган.

Тартынбас ,тайбас Танабай,
Тартса да азап бир далай.
Таш жолдо өргө баратат,
Ташыркап тулпар баса албай.
Кайгырдым карган жоргого,
Калганда ашуу аша албай.

Ар түрдүү ойлор камтылган,
Ак -Кемең сонун жазылган.
Жамандык менен жакшылык,
Жанаша көзгө тартылган.
Атасыз өскөн балага,
Аябай жаным ачыган.

Ак эмгек маңдай тер менен,
Арбытып жаңы дем менен.
Келечек жашоо багытын,
Кеңири карап көз менен.
Дүйнөнү кетти аралап,
Дүрбүчөн бала Ак-Кемең.

Көргөндөй Охот деңизин,
Көркөмдөп жазып берипсиң.
Жер жүзүн кетти кыдырып,
Жээк бойлоп Ала-Дөбөтүң.
Крискти жалгыз калтырып,
Кыйноого салдың эмне үчүн.

Көркөмдөп согуш учурун,
Көп жаздың оорук турмушун.
Анатай ,Султан, Эркинбек,
Ак Сайга барып дың буздуң.
Эчен доор өтсө урагыс,
Эстелик арнап тургуздуң.

Чаалыкпас тулпар күлүк көп,
Чабытың улам бийиктеп.
Кылымды күнгө батырып,
Космосту жазсаң иликтеп.
Башы ооруп жүрөт далайдын,
Бар жогун тактап изилдеп.

Дүңгүрөп элге атагың,
Дүйнөгө тарап жазганың.
Калайык элди таңгалтып,
Карышкыр болду каарманың.
Адамдын зээнин кейитет,
Ак бара айтса арманын.

Моюн кум Сары талаанын,
Мундуу ырын Найман апанын.
Мировой элге тааныттын,
Маңкурт уулдун баянын.
Ай менен турса сырдашып,
Аядым, абдан аядым.

Дастанын жазып сүйүүнүн,
Ача элек назик бир гүлүн.
Арнаса сулуу Бегимай,
Ак сакал чалга сүйүүсүн.
Боор ооруп койбой экөөнө,
Боздотуп койдуң эмне үчүн.

Кышы бар ысык жайы бар,
Кубаныч менен кайгы бар.
Азаптуу күнгө чыдаган,
Ар түрдүү экен тагдырлар.
Ээн чөлдө кетип баратат,
Эдигей минген Каранар.

Хан Теңир, Манас, Чынгыз бар,
Кыргызда тоодой ырыс бар.
Балбылдап жанган Чолпондой,
Бул үчөө өчпөс жылдыздар.
Чырагы болуп улуттун,
Чынгыз бар жерде кыргыз бар.

Армансыз жашоо жок тура,
Адамга ажал жоо тура.
Жетелеп кетет турбайбы,
Жеткирбей жакшы оюна.
Токтото турса не болмок,
Торколуу Чыкем тоюна.

## Өнөрдүн алды - кызыл тил

Кылычты кыя чапкан тил,
Кыргызым барктап баккан тил.
Кызыл жалын от кечип,
Кылымдап жолду баскан тил.
Кырааты менен сүйлөсө,
Кытайга дагы жаккан тил.

Эчен ашуу ашкан тил,
Элибиз барктап баккан тил.
Элдигин элим жоготпой,
Элиме жарык чачкан тил.
Эр Төштүк, Жаңыл, Курманбек,
Эпостун баары баткан тил.

Акындын багын ачкан тил,
Акылды элге чачкан тил.
Башына сактап жат айткан,
Бабабыз Манас баткан тил.
Ааламда элге таанытып,
Айтматов багын ачкан тил.

Бабадан калган ыйык тил,
Булактан таза, тунук тил.
Баягы Совет доорунда,
Баш болуп бизге Кремль.
Багы жок жетим баладай,
Басынып келген кыргыз тил.

Өнөрдүн алды кызыл тил,
Өзөгү өнгөн ыйык тил.
Ак калпак элим сүйлөгөн,
Ала-Тоом окшош бийик тил.
Өнүккөн Совет доорунда,
Өйдө ылдый болду  кыргыз тил.

Биригип жашап оруска,
Биринчи болдук союзда.
Бригадир дагы койчу эмес,
Билбесең тап-так орусча.
Саясий айып такчу эле,
Сайрасаң Ала-Тоолукча.

Жанаша жашап оруска,
Жаттадык жалаң орусча.
Андрей, Сергей, Иван деп,
Ат койдук ата-конушка.
Унчукпай жүрдүк басынып,
Укаска менен коркутса.

Оозантты көздү ачкандан,
Окутту бала бакчадан.
Окуган жердин баарында,
Орусча жалаң какшаган.
Өкмөт менен Партия,
Өзгөчө муунду таптаган.

Көрсөтмө келсе борбордон,
Кош колдоп аны колдогон.
Айтканың абдан туура деп,
Арзыматтар чоң болгон.
Азамат уулу Искагың,
Айыптуу болуп кордолгон.

Унчугуп айткан батынып,
Улутчул жардык тагылып.
КГБ деген кыйкым таап,
Ур-токмок кылчу жабылып.
Тазабек, Зыяш Бектенов,
Түрмөдө жатты камыгып.

Жашырып кыргыз тарыхын,
Жаттатты КПСС тарыхын.
Жабыгып жапа чегишти,
Жазгандар сөздүн калысын.
Марксизм деп жатып,
Маңкурт кылды баарысын.

Оозантпай элдин тарыхын,
Окутту орус тарыхын.
Ойронуң чыккан СССР,
Ойготпой улут намысын.
Коммунистик дух менен,
Кемчонтой кылды баарысын.

Акындар чыккан ак тандай,
Ак калпак элге таркалбай.
Арстанбек, Жеңижок,
Алтындай сөзү баркталбай.
Канча мурас жок болду,
Кагазга жазып сакталбай.

Эл баккан баатыр баркталбай,
Эрдиги элге даңкталбай.
Тагай бий, Махмуд Кашгари,
Тарыхта аты аталбай.
Бабабыз Баласагындын,
Байлыгы жатты такталбай.

Эркиндик эчак алсак да,
Эчен бир мыйзам жазсак да.
Элдик тил болбой эне тил,
Эчен жыл калды арт жакта.
Ак куу, чаян, балыктай,
Ар кими сүйрөйт ар башка.

## Базардагы баланын ыры

Каракол чакан калаада,
Таңды кеч жүрөм базарда.
Табайын нандык тыйын деп,
Тартканым темир араба.
Ката элек жатып кабыргам,
Кул болдум алып сатарга.

Айтайын ичте муңумду,
Айтайын ичте бугумду.
Ата-энем болуп аракеч,
Бактыбыз биздин бузулду.
Баарысын сатып бүтүргөн,
Ырыстуу үйдө буюмду.

Ээрчишип экөө алышып,
Эртелеп башты жазышып.
Канынан чыккан балдарга,
Карабай ишти жанышып.
Жүрөктү биздин түшүрүп,
Жатчу эле күндө салышып.

Жебиреп жатса апабыз,
Жоголду үйдөн агабыз.
Саап ичкен уйду соодалап,
Сибирге кетти апабыз.
Эки жыл болду дайын жок,
Эрте кеч ойлоп капабыз.

Энебиз бизди эстейби,
Эстесе келип кетпейби?
Эки жакка баргандан,
Эшитем аркыл кептерди.
Ичкенди жакшы көрчү эле,
Ичкилик соруп кеткенби.

Кийимдин кийип түрлөрүн,
Кирдетпей аппак көйнөгүн.
Көңүлдүү ойноп жүрүшкөн,
Көп эле бала көрөмүн.
Элчилеп бакпас болгон соң,
Энеке ай, неге төрөдүң?

Он эки жашта курагым,
Оюнга тойбос убагым.
Таттуу уйку деген менде жок,
Таң менен кошо турамын.
Табылса экен жумуш деп,
Тачкамды сүйрөп чыгамын.

Базарды ар ким аралайт,
Ар кандай буюм кармалайт.
Абаке, мага салчы деп,
Артынан ээрчийм жалдырап.
Жанымда мендей беш алтоо,
Жанаша жүрөт сагалап.

Кабырга сөөгүм кайышып,
Кемирчек кээде майышып.
Арандан зорго түртөмүн,
Асфальтка бутум жабышып.
Жеп кетет жулик кай бирөө,
Жеткиртип жүгүн алышып.

Үйдө бар эки бөбөгүм,
Эртеңки менин жөлөгүм.
Боз ала болуп калышат,
Бош барып калса чөнтөгүм.
Каңырык түтөйт тим эле,
Карай бир албай көздөрүн.

Футболду эчак унуткам,
Бошобойт колум жумуштан.
Чобуру болуп базардын,
Чекеден терди куюлтам.
Таалайсыз неге төрөдүң,
Апаке, тажадым ушул турмуштан.

Унуттум оюн жыргалын,
Үйрөндүм базар сырларын.
Уурдатып тапкан акчымды,
Уңулдап далай ыйладым.
Артымда эки иним бар,
Аларды таштап кыйбадым.

Унуттум окуу, мектепти,
Үйрөндүм чылым чеккенди.
Базарда баарын үйрөтөт,

Балит сөз далай кептерди.
Адамдар алдайт бир бирин,
Аферист болуп кеткенби?

Боюмда кийим самтырап,
Бороондо үшүйм калтырап.
Боор ооруп койгон бирөө жок,
Ботодой көзүм жалдырайт.
Ыйлаймын кээде букулдап,
Ысык жаш көздөн тамчылап.

Шыпылдап бирөө мактанат,
Шынаарлап келип кеп салат.
Ушинтип куурап жүргөнчө,
Уурулук оңой деп калат.
Кааласаң иним жүргүн дейт,
Кармайбыз акча пачкалап.

Кай бирөө келип азгырат,
Уккун деп мени жакшылап.
Чаң жутуп минтип жүргөнчө,
Чөнтөкчү болгон жакшырак.
Бактыңа доллар туш келсе,
Байыйсың дешет батыраак.

Азгырат бири кумарга,
Акча көп окшойт буларда.
Кычырап кийим кийинген,
Кызыгам бир жаш уланга.
Кор болуп минтип жүргөнчө,
Кеңешин бир күн угам да.

Атама бая кезиксем,
Аябай түрү келишкен.
Жыйырма сом сурап жалдырап,
Жанымды жаман кейиткен.
Акылың деле бар туруп,
Аракеч болдуң неликтен.

Кор болдум жетпей бактыма,
Кошулбайм эми жакшыга.
Баратам улам сорулуп,
Базардын батып сазына.
Боорукер бирөөң кезиксең,
Базарда мени тапкыла.

## Курусун

Ынтымагың жок болсо,
Көп болгонуң курусун.
Тобуң менен токмок жеп,
Төрт болгонуң курусун.
Өкүм орой сүйлөсөң,
Өрт болгонуң курусун.
Өткөн ишке кек сактап,
Өч болгонуң курусун.
Өз элиңе пайдаң жок,
Лөк болгонуң курусун.

Жалыны бар табы жок,
От болгонуң курусун.
Ысыгың жок болгон соң,
Чок болгонуң курусуң.
Котур ташың койнуңда,
Дос болгонуң курусун.
Калкың ачка отурса,
Ток болгонуң курусун.
Калыстыгың болбосо,
Сот болгонуң курусун.

Какшып жаткан суусу жок,
Сай болгону курусун.
Кайрымы жок кедейге,
Бай болгонуң курусун.
Кыжаалаттан чыкпасаң,
Бар болгонуң курусун.
Алты саның соо туруп,

Кар болгонун курусун.
Калк кадырын билбеген.
Хан болгонуң курусун.

Жер кадырын билбесең,
Жан болгонуң курусун.
Эр кадырын билбесең,
Жар болгонуң курусун.
Жылуулугуң жок болсо,
Там болгонуң курусун.
Көлөкөсү тийбеген,
Тал болгонуң курусун.
Болбос ишке кайгы жеп,
Зар болгонуң курусун.

Жарыгы жок быкшыган,
Шам болгонуң курусун.
Кадырың жок калкыңа,
Чал болгонуң курусун.
Базары көп пейли тар,
Шаар болгонуң курусун.
Көптүн көзүн караган,
Аз болгонуң курусун.
Акылың жок болгон соң,
Таз болгонуң курусун.

Бечарага бел болбой,
Бек болгонуң курусун.
Маңызы жок, маани жок,
Кеп болгонуң курусун.
Жоону тозо албаган,

Чеп болгонуӊ курусун.
Оозду майлай албаган,
Эт болгонуӊ курусун.
Убададан уялбас,
Бет болгонуӊ курусун.

Мөмө жемиш бербеген,
Бак болгонуӊ курусун.
Убагында бүтүрбөй,
Бат болгонуӊ курусун.
Ичиӊ арам болгон соӊ,
Ак болгонуӊ курусун.
Жарашпаса кийгениӊ,
Чак болгону курусун.
Кайрымы жок калкына,
Шах болгонуӊ курусун.

Убагында тийбеген,
Кат болгонуӊ курусун.
Жүрөгүӊдө жалын жок,
Жаш болгонуӊ курусун.
Бийлигиӊе дөөгүрсүп,
Мас болгонуӊ курусун.
Аргымакча сыныӊ жок,
Ат болгонуӊ курусун.
Өз элиӊдин ичинде,
Жат болгонуӊ курусун.

Жол жүргөндө тынчы жок,
Жорголугуӊ курусун.
Окууӊ пайда бербесе,

Молдолугуң курусун.
Өкүмөтүң он бөлөк,
Ордолугуң курусун.
Өлүп жерге киргенче,
Өтө берет турмушуң.
Жаратканым берет деп,
Жата бербе кыргызым.

### Жети-Өгүз капчыгайы

Жети-Өгүз кооз капчыгай,
Көркөмү сонун бир далай.
Куш келгин конок дегенсип,
Коңур жел өбөт аймалай.
Көңүлүн кетет ачылып,
Конокко келген баладай.

Суктанткан кооз шагы бар,
Суу бойлой өскөн талы бар.
Күн-түнү черткен камбаркан,
Көк кашка суунун шары бар.
Кынаптап тизип койгондой,
Кыркалай кызыл жары бар.

Дартыңа даба эми бар,
Дары суу чыккан кени бар.
Атырдай жыты буркурап,
Акырын соккон жели бар.
Сергитип салган бат эле,
Сыйкыры күчтүү эми бар.

Саймадай кооз гүлү бар,
Санасаң сансыз түрү бар.
Сайраган токой ичинде,
Сандаган куштун үнү бар.
Жыйнатып чачкан берметтей,
Жылдыздуу сонун түнү бар.

Жыпар жыт чачкан гүлү бар,
Жүздөгөн сонун түрү бар.
Көйкөлүп жаткан керемет,
Көк-Жайык кенен түзү бар.
Жашоонун көркүн чыгарып,
Жадырап тийген күнү бар.

Агарып аткан таңы бар,
Асканын бийик шаңы бар.
Түшүрбөй кийген башына,
Түбөлүк кетпес кары бар.
Ак жайдын күнү үшүткөн,
Аяздын муздак каары бар.

Белес белес бели бар,
Бейиштей кооз жери бар.
Каптаган күнгөй тескейин,
Карагай арча чери бар.
Карагат деген жер жайнайт,
Кааласаң канча терип ал.

Ашуусу бийик бели бар,
Ажайып кооз төрү бар.

Аскалар менен курчалган,
Ат-Жайлоо жашыл көлү бар.
Аңыз жомок кеп кылган,
Ак илбирстин өзү бар.

Төрт түлүк малдын баары бар,
Тоолору толгон жаныбар.
Төрлөрүн жай-кыш мекендеп,
Тоо теке, эчки аңы бар.
Кара жерди каңтарган,
Кара кийик дагы бар.

Азуусун жанган бөрү бар,
Аюунун накта өзү бар.
Боорунан чыккан асканын,
Ботодой булак көзү бар.
Арстан менен жолборс жок,
Айбандын түркүн көбү бар.

## Бишкекке кат

Ардактуу ага инилер,
Аккуудай эже-сиңдилер.
Билимдин түшүп артынан,
Бишкектик болуп кеттиңер.
Көздөгөн максат ойлорго,
Көбүңөр бүгүн жеттиңер.

Угулуп калса атыңар,
Угулуп калса жакшыңар.
Кудуңдап биздин айылдык деп,
Кубанат бүтүн айлыңар.
Күмүш нур чалган чокудай,
Көкөлөй берсин баркыңар.

Айылдын тузун таттыңар,
Алгачкы кадам бастыңар.
Айылдан алып билимди,
Алгалап баратасыңар.
Ак эмгек арнап эл үчүн,
Ак үйдө иштейт астыңар.

Абал оор азыр айылда,
Айдоодо көрүп камылга.
Айылдыктар турат кыйналып,
Бири жок бири табылса.
Кай жерден жардам келет деп,
Кайышып турат кабырга.

Курабыз дешип кайрадан,
Колхоздун баары тараган.
Колунан келген эргулдар,
Калтырбай баарын талаган.
Бир тобу калды жалдырап,
Бир коргоол албай чарбадан.

Көп жерлер турат айдалбай,
Көп нерсе турат камдалбай.
Ичибиз жаман тызылдайт,
Илгери иштер айланбай.
Чечилип колго тие элек.
Чет элден келчүү жардамдар.

Каруусу кеткен чалдар бар,
Кароосуз калган балдар бар.
Кай жагын айтам билбеймин,
Кыштакта далай арман бар.
Көрүнгөн жерден иш издеп,
Көчөдө басып калган бар.

Каныбыз бирге аралаш,
Колуңдан келсе каралаш.
Чайналып элиң турганда,
Четтеп бир калыш жарабас.
Таарынтсаң тууган мекенди,
Таарынчы такыр тарабас.

Айлыңа толсо береке,
Айылдыктар жарар керекке.
Энчилеп тайын беришет,
Ээрчитип барсаң небере.
Багажың салат толтуруп,
Бишкекке кайра кетээрде.

Өйдө ылдый болуп жашайбыз,
Өмүрдүн жүгүн тартабыз.
Киндик кан тамган жер ыйык,
Баары бир айылга кайтабыз.
Айылда бийик боз дөңгө,
Акыры чогуу жатабыз.

## Замиранын арманы
*(иним Белеков Нурданбекке арнаймын)*

Туптуура жыйырма жашымда,
Туш болдум татаал тагдырга.
Туйгунум учуп колумдан,
Тууруна конбой калганга.
Санасам жыйырма жыл болду,
Саргайып жесир калганга.
Жаркылдап ойноп күлө албай,
Жаштыгым өттү арманда.

Анда, үйүмдө толуп жакшылык,
Үй ичи толуп каткырык.
Мойтоңдоп уулум садага,
Мойнуңан минип ат кылып.
Махабат ысык сүйүүбүз,
Магнит болуп тартылып.
Кошулуп ойноп кетчү элем,
Кой десе болбой асылып.

Тартаңдап төрдө каткырып,
Тай-тайлап уулуң бастырып.
Тамаша, күлкү шат менен,
Таалайга мени мас кылып.
Артыңдан ээрчип Махабат,
Ата деп турса талпынып.
Төшүнө башым катчу элем,
Тамылжып жүзүм албырып.

Эмчекте кызым Махабат,
Ээрчисе сени аталап.
Эзилип келип өпчүсүң,
Эч жерин койбой аймалап.
Элестеп ошол күндөрүм,
Эстесем көздөн жаш тамат.
Элжиреп сүйбөй дайыма,
Эр болсоң эмне башкараак.

Жашырган менен эмине,
Жаракты байлап белиңе.
Жашыруун сени жөнөттү,
Жардам деп Ооган жерине.
Алтыным кеттиң дайынсыз,
Айланып келбей элиңе.
Жол карап чачым агарды,
Жүзүңдү зармын көрүүгө.

Калп айткан менен эмине,
Куралды байлап белиңе.
Азгырып сени жөнөттү,
Алыскы Ооган жерине.
Кабарсыз болуп сен кеттиң,
Кайрылып келбей элиңе.
Каректен жашым төгүлүп,
Карааның зармын көрүүгө.

Ооганда соккон шамал жок,
Он беш жыл болду кабар жок.
Кеткендер кайтып келишти,
Кезиктик деген адам жок.
Билбеймин кайдан издээрди,
Бир барак жазган салам жок.
Канча өмүр өттү зарыгып,
Кайгыга баттым амал жок.

Түштүктөн соккон шамал жок,
Түңүлткөн жаман кабар жок.
Жоокерлер кайтып келишти,
Жолуктук деген адам жок.
Дайныңды сурап алганга,
Депутат болгон агаң жок.
Сагынып күндө жүз ирет,
Сүрөтүң карайм амал жок.

Өчүрбөй үйдүн чырагын,
Өзүңдү күттүм ынагым.
Буркурап кээде түн бою,
Жаздыгым жашка чыладым.
Жанаша басып бир жүрбөй,
Жаштыктын көрбөй жыргалын.
Ичимден түтөп турсам да,
Ийилдим бирок сынбадым.

Эрте-кеч баскан көчөдөн,
Ээрчишип баскан жар көрөм.
Бактымды уурдап алгандай,
Баскансып бирөө төбөмдөн.

Эмне үчүн кудай минттиң деп,
Эчкирип ыйлап жаш төгөм.
Таттуусун татпай турмуштун,
Тагдырым тайкы жан белем.

Ак көйнөк кийсем жарашпайт,
Абысындар көрүп жаратпайт.
Алтыным эске түшкөндө,
Агарып кээде таң атпайт.
Теңчилик кылып теңирим,
Теңтушуң бирге жаратпайт.
Тең теңи менен бир жүрөт,
Темселеп биздей адашпай.

Кызылды кийсем жарашпайт,
Курбулар көрүп жаратпайт.
Кымбатым эске түшкөндө,
Кызарып такыр таң атпайт.
Ээрчишип баары бир жүрөт,
Эмне үчүн биздей адашпайт.
Өкүнүч күтүү зар менен,
Өмүрүм өтүп баратат.
Өз колуң салган там турат,

Өз колуң сайган бак турат.
Ээсин бир күтүп жаткансып,
Эзилип бышат салбырап.
Бактылуу күндөр элестеп,
Бак ичин карайм жалдырап.
Ойлордун жетпей учуна,
Отуруп калам шалдырап.

Балдарым мага бел болуп,
Балдарым мага дем болуп.
Баарысын чыдап көтөрдүм,
Бактыбыз бир аза кем болуп.
Туягың өсүп жетилди,
Тууганы менен тең болуп
Тууруна консоң эмине,
Туйгунум аман сен болуп.

## Жети-Гуз жөнүндө баян
## (уламыш)

Бул баян бабалардан калган белек,
Башынан далай кылым өткөн делет.
Узун түндө от башында божурашып,
Улуулар урпактарга айтып келет.
Тарыхта калбас эле жалган болсо,
Тамчыдай бир чындыгы болсо керек.

Байыркы бир заманда, бир заманада,
Ак карлуу Ала-Тоонун арасында.
Ажайып бир сулуу көл болгон экен,
Ак бугу мекендеген талаасында.
Адамдар ак маралды ыйык дешип,
Ар дайым сыйынышкан караанына.

Байыртан Ысык-Көлдү мекендеген,
Гуз деген бир уруу журт болгон экен.
Молчулук момунчулук өкүм сүрүп,
Мал багып эгин айдап эмгектенген.
Боз торгой кой үстүндө жумурткалап,
Бейкуттук кылым санап турган экен.

Тоолордун аскаларын ак муз каптап,
Ар кандай жамандыктан турчу сактап.
Ысык-Көл ырыскысын төгүп турса,
Улуулар ынтымакты бекем сактап.
Уландар уруш менен иштери жок,
Улуу тоо арасында эркин жашап.

Гуздардын падышасы болгон эле.
Башкарчу касиеттүү "Бугу эне".
Жарыктык, жакшылыкты, жамандыкты,
Жети күн алдын ала болжоор эле.
Жараткан жакшынакай жети уул берсе,
Жетөө тең жалындаган шерлер эле.

Жарышып жаа тартканга чебер эле,
Жай-кышы жан тынбаган мерген эле.
Кезиксе жолборстордон кайра тартпай,
Кемээгечтеп байлап алып келээр эле.
"Жети Гуз жергебиздин сыймыгы", - деп,
Жалпы журт баталарын берген эле.

Көл жээктеп ак маралдар топ-топ болуп,
Беймарал жүрөөр эле оттоп коюп.
Ак тоонун касиеттүү кайберени,
Адамга жашаар эле жолдош болуп.
Жаш балдар жакындаса эмчегине,
Желинин чочубастан берчү тосуп.

Көз жарып жаш наристе үйгө келсе,
Кэп жашап көптү көргөн Умай эне.
Оозантып ак маралдын уузу менен,
"Ууз сүттөй аппак болгун", - дешээр эле.
Уул кызы укмуштай чыйрык чыгып,
Улактай оюн салып кетээр эле.

Кайгысыз бейкут жашап турган кезде,
Карахан каардуу чыгып коңшу элде.
Улуу тоо арасында бүлүк салып,

Кызыгып касиеттүү Ысык-Көлгө.
Кырк түмөн аскер баштап келген экен,
Гуздардын ыйык ата мекенине.

Кырк күнү кызыл кыргын уруш болуп,
Кызыл кан аккан экен сайлар толуп.
Кармашты кашык каны калганыча,
Кырчындай жаш жигиттер шейит болуп.
Кыздары кылыч шилтеп жоого чыккан,
Кырк өрүм кара чачын түйүп коюп.

Бир да Гуз кол куушуруп багынбаган,
Баш ийип жан соогалап жалынбаган.
Жалтанбай жети жашаар баласы да,
Желдетке кылыч шилтеп жаркылдаган.
Жалбырттап жалын болуп жоо качырып,
Ажалга тике карап тартынбаган.

Кара хан кырк миң колду баштап келген,
Кармашта эрлер өлдү нечендеген.
Таңданып кайратына Гуз элинин,
Кара хан катуу буйрук берген экен.
"Туткунга бир да пенде албагыла,
Гуз эли тукум курут болсун жерден"

Желдеттер буйрук берсе аямакпы,
Ылгабай кырып кирди кары жашты.
Ымыркай наристенин кызыл каны,
Ылайлап Ысык-Көлгө куюп жатты.
Гуздардын изи такыр калбасын деп,
Кут конгон очокторун бузуп жатты.

"Бугу эне" Гуз элинин падышасы,
Сексенге жашы келип калса дагы.
Кол баштап кайрат берип балдарына,
Колуна бийик кармап асабаны.
Жетимиш жети күнү согушуптур,
Жети уулу кырк жигити калганчакты.

Чегинип улам артка тоо тарапка,
Ит уруш салып коюп бара жатса.
Кара түн жол нугунан адашышып,
Капыстан камалыптыр кара аскага.
Алды зоо артында жоо кууп келет,
Турушту алдан тайып кетип артка.

Тоолордон ак бугулар түшүп келип,
Тозуптур жоонун алдын сепил болуп.
Жайнаган жоонун колун жолотпостон,
Жебеге көөдөндөрүн тозуп берип.
Жыгылып жатса дагы боо-боо түшүп,
Жети күн турган экен жандан кечип.

"Бугу эне" кырк жигитти жыйган экен,
Буркурап керээз айтат мындай деген.
Кыргындан кыркың аман калыпсыңар,

Туздардын атынан мен буйрук берем.
Камалган кара зоодон бир жолун таап,
Кеткиле тоо аралап аман-эсен.

Эр жигит эне сөзүн ыйык тутат,
Элибиз тукум курут болгон турат.
Гуздардын аты өчпөсүн жер жүзүндө,
Кырк жигит жашагыла тукум улап.
Жашынып тоо аралап кеткичекти,
Жети уулум душман жолун тозуп чыгат.

Каректен ысык жашы төмөн кулап,
Кырк гузду кыдырата өөп-жыттап.
"Теңирим бир өзүңө тапшырдым", - деп,
Коштошуп калган экен жүрөк сыздап.
"Ошондо ошол жерден көз жаш тамган,
Оргуштап ысык булак агып турат".

Буркурап ак жол каалап кырк жигитке,
Бугу эне сексен таяп калган кезде.
Жети уулун баштап алып чыккан экен,
Жалтанбай жоону беттеп эр жигитче.
Жети күн, жети түнү кармашыптыр,
Жети уулу жети миңге татып жеке.

Жети шер калган кезде алдан тайып,
Желдеттер кармашыптыр чалма салып.
Жеңишти сүйүнчүлөп Кара ханга,
Жетелеп алпарышты байлап алып.
"Жез кемпир мага эмне жүгүнбөйсүң",
Жексур хан тосуп алды каарданып.

Бугу эне балдарына айткан экен,
Акым жок ак сүтүмдөн мен да кечем.
Теңирге тетир ойлоп күнөө кылба,
Тагдырга жазылганы ушул экен.
Ажалга апкаарыбай тике кара,
Душманга башыңды ийбе апам десең.

Кара хан каарданып ачууланып,
Кара зоонун башына айдап барып.
Жети уулун жети зоого мууздатыптыр,
Желдеттер бугу энени таңып салып.
Акыры эң кенжесин мууздаганда,
"Офу", - деп үшкүрүптүр эстен танып.

Ободо теңир угуп эне зарын,
Оозунан чыккан экен кызыл жалын.
Кара зоо ортосунан тең бөлүндү,
Кара жер соруп кетти бүтүн барын.
Айланып ак маралга кеткен дешет,
Бугу эне буурчактатып көздүн жашын.

Боёлуп кара зоолор кызыл канга,
Бозоруп өңдөрү өчпөй кылымдарга.
"Бир тууган жети Гуздун аскасы" – деп,
Боордоштой бой тирешет бир башкача.
Жарылган жүрөгү дейт "Бугу эненин",
Жалынга окшоп турган кызыл аска.

Кырк улан ортосунда кара зоонун,
Камалып турган эле таппай жолун.
Алдынан аппак марал пайда болду,

Ажайып бир башкача көркү сонун.
Артымдан жүр дегендей белги берип,
Аралап жүрүп кетти аска боорун.

Тилгендей аска ташты туяктары,
Тик зоого таканчыктаар чыйыр салды.
Абайлап арт жагына жал-жал карап,
Алып чыгып кеткен экен кырк уланды.
Жол баштап жомоктой кооз Көк-Жайыкка,
Жеткирип көзгө илешпей закымдады.

Тоо койну көктө жылдыз асман ачык,
Толукшуп ай да толгон барат калкып.
Тунжурап кызыл жалын тегеректеп,
Кырк улан отурушат ойго батып.
Кызыл жүз кырдач мурун бир жаш жигит,
Комузда кол ойнотот обон салып.

Ырдады Гуз элинин кырылганын,
Ырдады Бугу эненин муңун зарын.
Жалынбай жан соогалап Кара ханга,
Жети эрдин желдеттерге мууздалганын.
Буркурап булут болуп асманга учуп,
Бугу эне ак маралга айланганын.

Кырк кызы перилердин келген учуп,
Керемет көк жайыкка оюн куруп.
Шарактап баратышын капилеттен,
Токтошту бир башкача абаз угуп,
Муңдуу күү муңдуу обонго айкалышып,
Угулду ал кыздарга абдан кызык.

Муңканса комуз күүсү аба жарып,
Муңканса кырк азамат обон салып.
Кыйылып оюн куруп кете алышпай,
Кырк кызды керемет күч турду тартып.
Кызыгып угуп жатып мундуу ырды,
Кырк кызга кырк Гуз жигит калды жагып.

Кырк жигит кырк периге баш кошуптур,
Кырк күнү Көк-Жайыкта той болуптур.
Кайрадан очогунан от тутунап,
Өзүнчө кырк Гуз деген эл болуптур.
Көбөйүп Бугу эненин урпактары,
Көл жээктеп кырк Гуз деген эл конуптур.

Кырк Гуздан кыргыз деген эл жаралган,
Кырк кыздан кыргыз деген эл тараган.
Жоготпой жомок кылып айтып келет,
Жүздөгөн жылдар бою ата-бабам.
Унутпай урпактарым жүрсө экен деп,
Укканымды чиймелеп жаздым дастан.

## Абдылдабектин арманы

***(Бул окуяны Жалалабад шаарынан Төлөгөн Аматов деген аксакалдан угуп, Абдылдабектин баатырлыгына таазим кылып ушул дастанды жаздым)***

Алыскы Ооган талаадан,
Арыган сары санаадан.
Алатоо Алай мекеним,
Арманын уккун балаңдан.
Ак сүтүң апа кечиргин,
Акырет кетип баратам.

Какшыган кара талаадан,
Кансырап жатып араңжан.
Душманга жерим тарттырып,
Думугуп катуу санаадан.
Кымбатым апа кечиргин,
Кыямат кетип баратам.

Таш күйгөн Ооган чөлүнөн,
Тамчы суу учуп көзүмөн.
Ак паша менен жоолашып,
Аргасыз элден бөлүнгөм.
Бурулгус болуп баратам,
Буюрбай кепин өзүңдөн.

Таш күйгөн Ооган чөлүнөн,
Тамчы суу учуп көзүмөн.
Каапырлар менен кармашып,
Калкымдан эрксиз бөлүнгөм.
Тагдырга турам баш ийип,
Топурак буюрбай өзүңдөн.

Асылым апа Курманжан,
Алпештеп бактың туулгандан.
Алымбек уулу дедирип,
Алды кылдың туугандан.
Алтындан кемер курчанып,
Ак шумкар таптап куш салгам.

Кымбатым апа Курманжан,
Кастарлап бактың туулгандан.
Датканын уулу дедирип,
Далайга даңкым угулган.
Күмүштөн кемер курчантып,
Кыйыны кылдың тууғандан.

Мээримин төгүп жүрөктүн,
Мекениң сүй деп үйрөттүң.
Ар убак апа айтчу элең,
Атамдын эрдик мүнөзүн.
Бой сунбай орус пашага,
Боштондук үчүн күрөштүм.

Эс тарткандан бир өзүң,
Эл жерди сүй деп үйрөттүң.
Эртели кеч айтчу элең,
Эр Манастын мүнөзүн.
Эсепсиз жоого баш ийбей,
Эркиндик үчүн күрөштүм.
Куранды окуп жат билдим,
Күлүктөн тандап ат миндим.
Карааным калкка көрүнүп,

Хан дөөлөтүн мен сүрдүм.
Каяша кылып кармашып,
Кудаяр менен тең жүрдүм.

Жети жашта кат билдим,
Жетилип тулпар ат миндим.
Ордун басып атамдын,
Ордону басып мен кирдим.
Таанымал Абдыракмандан,
Талашып тизгин тең жүрдүм.

Алымбек датка мурасын,
Алдырбай жолун уладым.
Он сегиз жашар кезимде,
Ош элин бүтүн сурадым.
Каяша кылып Коконго,
Кыргыздан аскер курадым.

Улантып ата мурасын,
Узарды улам кулачым.
Миң башы болуп Коконго,
Маргалаң элин сурадым.
Ээрчитип молдо Искакты,
Элимден аскер курадым.

Жыйырма жашта бек болдум,
Жеримди коргоп чеп болдум.
Алымбек уулу аталып,
Жумурай журтка кеп болдум.
Туу кылып молдо Искакты,
Талаштым тагын ордонун.

Калкына калка болбогон,
Ханды куусам ордодон.
Чакырып келди орусту,
Чаар жылан болуп сойлогон.
Кырылды кыргыз боорлорум,
Кут конгон жерин коргогон.

Кыргызды кырып ойногон,
Канкорду куусам ордодон.
Ак орус келди жер жайнап,
Ажыдаар болуп сойлогон.
Азамат канча эр өлдү,
Алатоо жерин коргогон.

Көргөзүп кыргын согушту,
Коргодум ыйык конушту.
Жети жылы Алайга,
Жолотподум орусту.
Сары алтынга алданып,
Саткындар сатып коюшту.

Көк асаба туу болдум,
Каапырга катуу чуу болдум.
Капыс жерден кол салып,
Кансыраттым бир тобун.
Капталдан сайды канжарын,
Кара сакал бир боорум.
Өз элиме туу болдум,
Оруска катуу чуу болдум.
Өчөгүшүп баш ийбей,

Өбөктөтсөм бир тобун.
Аркамдан келди кол баштап,
Аркалык Шабдан бир боорум.

Алайдан аскер курадым,
Атышаар жок куралым.
Ак орустун алдында,
Алсыз бир кылдың кудайым.
Айрылып ата мекенден,
Ооганды көздөй узадым.

Сыйынып ата салтына,
Согушсам каршы капырга.
Бат атаар мылтык колдо жок,
Баш ийбей койду камчыга.
Кашкарга оодум түн катып,
Кырк жигит алып жаныма.

Бек тутуп ыйык динимди,
Бербедим жоого дилимди.
Алатоо ыйык мекенге,
Арнаган элем сүйүүмдү.
Ыр кылып айта жүргүлө,
Эртеңки муундар кийинки.

Он жигит алып жаныма,
Оогандын бардым ханына.
Бешенең ушул экен деп,
Баргын дейт мени ажыга.
Кызартып көзүн кысталак,
Кызыкты тулпар атыма.

Жамбыны салып жаныма,
Жалдырап бардым ханына.
Жаракты таштап угулум,
Жөнөгүн деди ажыга.
Жалгыз тал токой болбойт деп,
Жазганып көр дейт тагдырга.

Хан элем элде болуумду,
Каракчы тосту жолумду.
Кандагар ашуу белинен,
Какшата чапты колумду.
Тагдырга турам баш ийип,
Токтотуп жашоо оюнду.

Бек элем элде болумду,
Бейбаштар тосту жолумду.
Сандалып арып жүргөндө,
Сындыра чапты колумду.
Акырет кетип баратам,
Ажалга сунуп моюнду.

Арманым айтсам толтура,
Эли бар жигит зор тура.
Ала-Тоо, Ата-Мекенсиз,
Азамат жигит кор тура.
Арып турган кезимде,
Агайын-тууган жоо тура.
Күйүтүм ичте толтура,
Калкы бар жигит зор тура.
Кастарлап турган элиң жок,

Карыпчылык кор тура.
Карайлап калган кезимде,
Кандашың деле жоо тура.

Акырет досум Акпалбан,
Адамдан артык жаралган.
Ар дайым арка бел болуп,
Артык иш кылдың тууган дан.
Өтүнүп сенден суранам,
Өчкөнү калды курган жан.

Жан жолдошум Акпалбан,
Жарышып өстүк туулгандан.
Жаныма арка бел болуп,
Жакшы жүрдүк туугандан.
Жашырып кеткин сөөгүмдү,
Жаннатта кетсе курган жан.

Айлыма орус чуу салды,
Алты жашаар уул калды.
Айдай жүзүн саргартып,
Алганым жесир тул калды.
Тагдырың сага тапшырдым,
Тоздурбагын буларды.

Жериме орус чуу салды,
Жети жашаар уул калды.
Жыйырма беште алганым,
Жесир болуп тул калды.
Жалгыз сага тапшырдым,
Жалдыратпа буларды.

Калтырбай айттым болгонду,
Камчыбек минсин жоргомду.
Ээн баштарга бийлетпей,
Ээлесин менин ордомду.
Көз арткандар көп эле,
Көргөзбөсүн шойкомду.

Жашырбай айттым болгонду,
Жан үкөм минсин жоргомду.
Жамандарга бийлетпей,
Жарык кылсын ордомду.
Жандимилер бар эле,
Жасабасын шойкомду.

Көк болот канжар малып ал,
Көкүрөк төштү жарып ал.
Кол башындай жүрөктү,
Колтугуңа таңып ал.
Киндик кан тамган Алайга,
Кастарлап палбан алып бар.

Акалбарс төшкө малып ал,
Айбалка төштү жарып ал.
Абдылдабектин жүрөгүн,
Ак жибекке таңып ал.
Алайга асыл журтума,
Акпалбан аман алып бар.

## Коштошуу

***(Белгилүү мамлекеттик ишмер Бейше Жапаровго)***

Аттиң ай, арман дүнүйө,
Айла жок ошол күчүнө.
Акылман асыл агадан,
Айрылып калдык бир күндө.

Бар экен жалган дүйнө,
Багындык ажал күчүңө.
Бакайдан болгон аганы,
Бараттык жоктоп бу күндө.

Комуздун күүсү муңканат,
Кайгыга батып туш тарап.
Кан аба жоктоп өзүңдү,
Кан какшап кызың үн салат.

Үч кылдуу комуз күү чалат,
Үшкүрүп турат туш тарап.
Ары карап кара салынып,
Аялың жоктоп үн салат.

Өзүңдү кимдер билбеген,
Өмүрлөш болгон сиз менен.
Өкүрүп келди боорум деп,
Орустар дагы биз менен.

Кыргызда кимдер билбеген,
Кызматташ болгон сиз менен.
Кыйкырып келди боорум деп,
Кытайлар дагы биз менен.

Баштадың эмгек чыйырын,
Билимге үндөп уул кызын.
Бата алып барган жериңден,
Балбылдап жанды жылдызың.

Жаштыктын арнап жалынын,
Жалпыга тийди жарыгың.
"Бар болгун балам бали" – деп,
Батасын алдың карынын.

Өмүрдүн арнап жалынын,
Өзгөнгө тийди жарыгың.
Азамат жигит бар бол деп,
Алкышын алдың карынын.

Ойготуп элди үндөгөн,
Отурган жериң гүлдөгөн.
От алып жаштык демиңен,
Өзгөндүк жаштар бүрдөгөн.

Өрнөктүү өмүр чыйырын,
Окууга үндөп уул кызын.
Отузда оозго алынып,
Өзгөндөн жанды жылдызың.

Кыздары болду билимдүү,
Кыйласы ашкан илимдүү.
Колуңдан учкан уландар,
Калкыңа болду күйүмдүү.

Гүлдөтсөң Тоңдун жергегин,
Тоң жери төктү берметин.
Кызылы батпай кырманга,
Кызыгын көрдү эмгектин.

Берилип иштеп эл журтка,
Белгилүү болдуң кыргызга.
Жайытта жүргөн койчуну,
Жеткирдиң эки жылдызга.

Өкмөт ишин аткарып,
Өзгөндө өстүң такшалып.
Белгилүү болдуң кыргызга,
"Бейше аке" деген атты алып.

Ата журт ишин аткарып,
Алайда өстүң  такшалып.
Ак калпак элге таанылдың,
Ак эмгек менен барк алып.

Бакытка элди үндөгөн,
Бараткан жериң күлдөгөн.
Тарбия алып өзүңдөн,
Топ жаштар Тоңдон бүрдөгөн.

Тыңдарын сүрөп астыга,
Тобуна кошсоң жакшыга.
Таланттуу Сашка, Замирбек,
Таанылды кыргыз калкыңа.

Кара таан болуп эл келип,
Кайгыны турду тең бөлүп.
Кадырың сиңген эл журтуң,
Каңырык түтөйт эскерип.

Алайдан бери эл келип,
Азааны турса тең бөлүп.
Ыраазы болуп эл журтка,
Ыракмат айтам бөксөрүп.

Балбылдап жанган жылдызың,
Бакайы элең кыргыздын.
Пайгамбар жашта алып кетпей,
Берсе эмне жашты бир кылым.

Жаркырап күйгөн жылдызың,
Жакшысы элең кыргыздын.
Жыргалын көрүп жашоонун,
Жашасаң эмне бир кылым.

Айыл чети боз дөң көрүстөн,
Ар кайдан элдер келишкен.
Жалдырап турат кыялбай,
Жерге бир сизди бериштен.

Кыштактын чети көрүстөн,
Ар кайдан элдер келишкен.
Муңканып турат кыялбай,
Мүрзөгө  сизди бериштен.

Жарк этип жанган жылдызча,
Жашоо бар экен турмушта.
Жалпы элдин жүгүн көтөргөн,
Жаралат чанда кыргызда.

Өмүрүң жазсак миң нуска,
Өтпөгөн ким бар турмушта.
Өтө эле чаңда төрөлөт,
Өзүндөй уулдар кыргызда.

## Айнаш кыздын арманы

Кантсе да тууган апамсың,
Каректен төгүп көз жашын.
Калтырып кеткен талаага,
Кардынан чыккан баласын.
Канчыкта жашайт бала деп,
Кайрымсыз апа кайдасың.
Дарегиң билбейм эмгиче,
Дайынсыз болду кабарың.
Кайырчы жатчы подвалдан,
Кат жазат кызың, Айнашың.

Башынан баарын эстесем,
Балапан курак беште элем.
Атамдын минип мойнуна,
Ак саргыл тентек, эрке элем.
Куурчактай кылып кийинтип,
Кучактап жыттап дембе-дем.
Базардын баарын кыдыртчу,
Балмуздак алып бер десем.
Бар тура сендей аялдар,
Бактысын өзү тепсеген.

Жөн эле басып кетпеген,
Жөтөлүп чылым чекпеген.
Жупуну жашап жүрсө да,
Жүзүнөн күлкү кетпеген.
Байпагым кийгиз деп кээде,
Баладай сен да эрке элең.

Чыртылдап дайым турсаң да,
Чекенден бир да чертпеген.
Кут түшкөн үйүң күтө албай,
Күнөөнүн баары сенде экен.

Баркына жетпей атамдын,
Башталды арбып чатагың.
Көңүлүң шайтан азгырып,
Көбөйдү улам басканың.
Моюндаш жытың сиңишкен,
Мокочо болуп алганың.
Толтура турган бир кезде,
Төгүлдү колдон таалайың.
Күүлөнүп келип атамды,
Кубалап үйдөн таштадың.

Теңсиңбей алган теңиңди,
Таштадың чанып эриңди.
Табышкер кыйын жигит деп,
Таап алдың таксист Эмилди.
Күн-түнү кафе, барларда,
Күлдөтүп жаштык кезиңди.
Байпагы болдуң ар кимдин,
Балаңа чачпай мээримди.

Тайраңдап жүрүп апаке,
Тааныбай калдың теңирди.
Алпештеп сүйгөн баладан,
Айрылып аял, үй жайдан.
Чыдабай катуу күйүткө,
Чыгарып күчүн арактан.

Чырмалып алып ичкилик,
Чыгалбай калды баткактан.
Агайын тууган жок экен,
Келиптир Өзгөн тараптан.

Кур салып талга асынып,
Кутулду атам азаптан.
Баланы кудай бербеген,
Бар экен алыс таякең.
Жанындай көрүп аракты,
Жарышып ичкен экөө тең.
Жобурап жолдон жоон аял,
Жолукса ошол тааженең.
Алышты араң кыйылып,
Айнашты багып бер десең.

Куйрукту түйдүң кайрылбай,
Кутулган өңдүү балээден.
Көрбөгөм мындай тажаалды,
Баргандан берди жазаамды.
Болбогон жерден кыйкым таап,
Боздотуп далай сабады.
Болушат деген тайякем,
Подвалга камайт караңгы.
Карабай кеткен баласын,
Каргашып эне-атамды.

Кол жайып кайыр сура деп,
Көрсөтүп койду базарды.

Ач өзөк болуп шалдырап,
Ар кимди карайм жалдырап.
Аялуу карап кейпимди,
Ар кимдер азга кайрылат.
Быйтыйган алаканыма,
Пул таштап койсо азыраак.
Кайрымдуу кай бир эжелер,
Карматса конфет, балмуздак.

Жоон курсак, семиз базарком,
Жогол деп көрсө бакырат.
Өлбөдүм абдан жүдөдүм,
Өзгөрдү эрке мүнөзүм.
Бей жайы кармап тааженем,
Бекитип алса үйлөрүн.
Боор ооруйт экен ит дагы,
Бошотуп берип түнөгүн.
Бооруна катып короочу,
Бороондо далай түнөдүм.

Тагдырга абдан таарындым,
Апаке таалайсыз неге төрөдүң.
Таң атпай барып азандан,
Тарбия алдым базардан.
Аферист болуп чоңойдум,
Ар кимди тоноп алдаган.
Чөнтөкчү болуп, пул уурдап,
Түрмөгө дагы камалгам.

Кордолуп көпкөн менттерге,
Кол жоолук болдум таап алган.

Кор кылган мендей жаштарын,
Курусун ушул заманаң!
Конуп бир түнөп ар кайда,
Кошулдум бей баш балдарга.
Көпөлөк болуп жол тоздум,
Көмүскө түнкү жайларда.
Денемди саттым соодалап,
Депутат менен байларга.
Делегат келсе чет элден,
Дежурный болдум жалданма.

Жугузуп алып СПИДин,
Жалдырап жатам подвалда.
Ар кимден алты балаң бар,
Алардан болгун кабардар.
Эмилден тууган эки уулуң,
Эгизиң Сапар, Капарлар.
Таштасаң төрөт үйүнө,
Тарбия берип башкалар.
Алардын көзү өткөн соң,
Адам жок болуп башкараар.

Нашаанын даамын татышып,
Наркоман болуп кетти алар.
Ташматтан тууган Канатың,
Тартыптыр накта атасын.
Торолбой жатып ал кургур,
Түбүнө түшүп арактын.

Тажатып коңшу колонду,
Таяктап баккан апасын.
Бычактап сайып өлтүрүп,
Бирөөнүн жалгыз баласын.
Он беш жыл илип мойнуна,
Олтурат өтөп жазаасын.

Мүнөзү көйрөң, көпкөлөң,
Мант берип бат-бат өзгөргөн.
Коңкогой мурун жылчык көз,
Камерсант эриң Көчөрдөн.
Жаркынай деген бир кызың,
Жарым жан болуп төрөлгөн.
Атайлап таштап кетсең да,
Ажал жок экен, өлбөгөн.
Тапшырган балдар үйүнө,
Таап алып бирөө көчөдөн.

Алымды сураар агам жок,
Апалап ыйлаар балам жок.
Жардамын берип турганга,
Жан күйөөр жакын адам жок.
Онтоткон катуу оорудан,
Өрттөнүп денем жалын, чок.
Сулк жатам дайым кыймылсыз,
Суу алып ичээр чамам жок.
Жан алгыч качан келет деп,
Жалдырап жатам амал жок.

Жалдырап карап ар кимге,
Жатамын жалгыз батирде.

Жан кейиткен оорудан,
Жан кыйгым келет кай бирде.
Төрөбөй койсоң не болмок,
Түрткүнчүк кылбай ар кимге.
О дүйнө кетсем мен байкуш,
Оролбой аппак кепинге.
Окулбай куран калабы,
О, шоордуу мендей жетимге…

## Үй сатам

Үй сатам баасы деле арзан эле,
Бул ійді атам мага арнады эле.
Кыйналып ылай ийлеп, тырмаландап,
Кирпичке чеке тери тамган эле.

Жер сатам алма, өрүк багы менен,
Жанында жети бєлмє тамы менен.
Жап жаңы мончосу бар, гаражы бар,
Жараандар алгылачы арзан берем.

Карызга доллар акча алган элем,
Кайтарып үстөк кошуп берем дегем.
Ошондо оңой оокат деп ойлопмун,
Он эсе көбөйүптүр үстөк деген.

Аялым соода кылып алыс кеткен,
Ал жакта турган өңдү баары белен.
Алты жыл өтүп кетти кабары жок,
Алты айда абдан байып келем деген.

Үй сатам абдан эле арзан эле,
Ата-энем арнап мага салган эле.
Атама жардамдашып ылай ташып,
Апамдын маңдай тери тамган эле.

## Төгөчү

Ак-Суу деген жерде, Арык тукуму деген элде Кыдыр аке деген олуя адам өзүнүн баласына көзү тийип, каза болот. Ошондо комузун колго алып ушул дастанды жараткан экен.

Комузум колдо чалганга
Көкүрөк толуп арманга.
Бейпайга мени не салдың,
Пайгамбар жашка барганда.
Кайрып, кайрып күү чертем,
Караанын жоктоп калганга.
Топурак буюрбай, Төгөчүм,
Не күнөө кылдым жалганга.

Муңканат комуз чалганда,
Муун –жүүнүм бошой арманга.
Азапка мени не салдың,
Алтымыш жашка барганда?
Алты кайрып күү чертем,
Айрылып сенден калганга.
Алдыңа кетпей Төгөгөчүм,
Айыптуу белем жалганга?

Атаңдын чачын ак чалды,
Алсыратып, дарт чалды.
Арзып жүрүп алганың,
Асылын көрбөй жаш калды.
Ары карап, кара жамынып,
Айдай бетке так салды.
Арстан уулум, Төгөчү,
Акырет жайга аттанды.

Кыдырдын чачын ак кылды,
Кыйнаган оору дарт кылды.
Кыналышып, бир жаткан,
Кыз алган жарың жаш калды.
Кымбаты сенден айрылып,
Кызартып бетке так салды.
Кырчындай кезде, Төгөчүм,
Кыямат көздөй аттанды.

Арчадан бешик жасаттым,
Алтындан чеге кадаттым.
«Атанын ордун басчу уул» деп,
Алпештеп сени караттым.
Ата-энесиз жетимге,
Алты жүз койду тараттым.
Эки мүчөл кезинде,
Ээ кылбай ажал талаштың.

Кайыңдан бешик жасаттым,
Күмүштөн чеге кадаттым.
«Күндөштүн көзү тиет» деп,
Күзөтчү коюп караттым.
Жетим-жесир карыпка,
Жети жүз койду тараттым.
Жетилип турган кезинде,
Жетелеп ажал талаштың.

Бетиңди ачып көргөнүм,
Бешенең жыттап, өпкөмүн.
Белгилүү батыр Эр-Балбай,
Батасын берген Төгөчүм.

«Карс» этип сынды түбүнөн,
Карманып турган жөлөгүм.
Куурататаар мени болгон соң,
Кудайым, неге көргөздүң?

Аргымак тандап мингиздим,
Акдампук чапан кийгиздим.
Алты жашта окутуп,
Арапча катты чийгиздим.
«Атанын ордун басат» деп,
Ак калпак элге билгиздим.
Алып кете турган болгон соң,
Аз күнү неге сүйгүздүң?

Күлүктөн тандам мингиздим,
Көрпөлүү тондон кийгиздим.
Окутуп ногой молдодон,
Орусча катты чийгиздим.
Кыдыртып элге таанытып,
Кыйлага сени билгиздим.
Кыямат тартаар болгон соң,
Кырк күнү неге сүйгүздүң?

Алтын саат тактың колуңа,
Аргымак миндиң жолуңа.
Алтындан кемер курчанып,
Асылды кийдин жонуңа.
«Атанын жолун улайт» деп,
Алындың элдин оозуна.
Алыска учаар кезинде,
Ажалдын түштүң торуна.

Күмүш саат тактың колуңа,
Күлүктү миндиң жолуңа.
Күмүштөн кемер курчанып,
Кундуз тон кийдиң жонуңа.
«Кыдырдын жолун улайт» деп,
Кыйланып кирдиң оозуна.
Чабыттап учаар кезиңде,
Чалындың ажал торуна.

Тектирден чыкса карааның,
Төлгөсүн билбей баламдын.
Төбөңдөн күйсө шам чырак,
Телмирип неге карадым?
Пенделик кылып сезбепмин,
Теңирдин берген аянын.
Топ баштап жүрөөр кезинде,
Түбүнөн сынды сабагың.

Белестен чыкса карааның,
Белгисин билбей баламдын.
Бешенең күйсө шам болуп,
Берилип неге карадым?
Аттиң ай неге билбедим,
Алланын берген аянын?
Беш гүлүң бири ачылбай,
Белиңден сынды сабагың.

Көңүлдү шайтан азгырды,
Көзүмдүн курчу жазгырды.

Калыпмын сени тааныбай,
Которуп минсең атыңды.
Көрүнүп көзгө башка элес,
Көзүмдүн огу атылды.
Күлүстөн уулум Төгөчү,
Көрүнбөс жайга жашыңды.

Атаңды шайтан азгырды,
Азыткы көздү жазгырды.
Алыстан  сени тааныбай,
Алмашып минсең атыңды.
Кашайтып кара көзүмдү,
Каректин оту атылды.
Арстан уулум, Төгөчүм,
Акырет жайга жашыңды.

Ар жылы келип жайлаган,
Ак-суунун башы «Арашан».
Аңгырап калды конушуң,
Аттарды керме байлаган.
Айлыңды бүтүн ыйлатып,
Ары карап кеттиң садагам.
Атыңды улап кетээрге,
Артыңда калбай бир балаң.

Жыл сайын келип жайлаган,
Жайлоонун башы «Арашан».
Жетимсирейт конушун,
Желеге кулун байлаган.
Туугандын баарын сыздатып,
Түбөлүк кеттиң, садагам.

Тукумуң улап кетээрге,
Туурунда калбай бир балаң.

Комуздун бурап кулагын,
Муңкантып күүнү курадым.
Өзүңдөн калбай бир туяк,
Өчтүбү күйгөн чырагым.
Опосуз ушул дүйнөдөн,
Ордуңду жоктоп турамын.
Кайрылгыс болдуң кантейин,
Кара жер болду, турагың.

Сыздатып күүнү курадым,
Соолуду аккан булагым.
Сапарың кыска жан белең,
Сай-сөөгүм сыздап турамын.
Айлыңды салдың кайгыга,
Артымдан жолум улаарым.
Айланып кайра конбойсуң,
Акырет болду турагың.

Түбү жок ушул дуйнөдөн,
Түбөлүк өмүр ким сүргөн?
Адам-ата, Обо-эне,
Алар да өткөн дүйнөдөн.
Узак жашап уул көрбөй,
Улукман өткөн дүйнөдөн.
Теңдешсиз улуу падыша,
Темирлан өткөн дүйнөдөн.

Адамзаат пендеден,
Ааламды сурап бийлеген.
Азиретаалы-Сулайман,
Ал дагы өткөн дүйнөдөн.
Индостанды багынткан,
Искендер өткөн дүйнөдөн.
Чыгыштан селдей каптаган,
Чынгызхан өткөн дүйнөдөн.

Жараткан жалган дүйнөдөн,
Жаралган жандын баары өткөн.
Ак сакалын жайкалтып,
Акылман Бакай кары өткөн.
Алышып Адам жеңбеген,
Атабыз Манас кан өткөн.
Алманбет, Чубак, Эр Сыргак,
Арыстан-шерлер дагы өткөн.

Ак кагазга кат чийген,
Аалымдар өткөн дүйнөдөн.
Алтын жаак жез таңдай,
Акындар өткөн дүйнөдөн.
Ажалды тике караган,
Баатырлар өткөн дүйнөдөн.
Жаткандан жамбаш талыбай,
Жакырлар өткөн дүйнөдөн.

Ааламга жашап бир келген,
Алла-Талла сыр берген.
Акыр заман болоорун,
Айтып берген ыр менен.
А дүйнөнү көргөндөй,
Акырет жайын сүйлөгөн.
Касиеттүү олуя
Калыгул өткөн дүйнөдөн.

Акылы артык төрөлгөн,
Алкышын алган көгөргөн.
Калыстык издеп кайрылган,
Казак, кыргыз, көп элден.
Кара кылды как жарып,
Кадыр, сыйга бөлөнгөн.
Касиеттүү Мойт аке,
Карыя өткөн дүйнөдөн.

Опаасыз ушул дүйнөдөн,
Өлбөстөн өмүр ким сүргөн?
Отурган жерге көрк берип,
Оозунан шекер төгүлгөн,
Сабак алган сан кыргыз,
Санжыра санат кебинен.
Сапары карып, жарыктык,
Сарт аке өткөн дүйнөдөн.

Адамзат, пендеден,
Айтышып адам жеңбеген.
Такалып кылыч турса да,
Тайманбай, таамай сүйлөгөн.

Эрегишкен эки элди,
Элдештирген тил менен,
Теңир тоонун шумкары,
Тилекмат өткөн дүйнөдөн.

Жаралган артык пендеден,
Жүз жылда араң бир келген.
Жан киргизип комузга,
Жагымдуу мукам күү черткен.
Кыргыз, казак журтунда,
Акын жок болгон тең келген,
Арстанбек ак тандай,
Ал дагы өткөн дүйнөдөн.

Беш күнкү жалган дүйнөдө,
Бел болуп дайым ким жүргөн?
Бешенесин көргөндө,
Бет келген адам сүрдөгөн.
Айдалып кетип оруска,
Ажалы жетип түрмөдөн.
Элин коргоп, жоо сайган,
Эр Балбай өткөн дүйнөдөн.

Калыстап журтун бийлеген,
Каймана сөзгө кирбеген.
Камын ойлоп эл журттун,
Касына да «сиз» деген.
Ормон хандан запкы жеп,
Орустан калка издеген.

Бугунун ханы Боронбай,
Бул дагы өткөн дүйнөдөн.

Сандаган жылкы айдаган,
Сары-Жазды барып жайлаган,
Сапырып ичип кымызды,
Сарала жылкы байлаган.
Сарамжалы теңдешсиз,
Сандыктап алтын кармаган.
Сөөлөттүү жашап, жарыктык,

Солтонкул өттү дүйнөдөн.
Санап малын айдаган,
Сараңдар өткөн дүйнөдөн.
Котур ташы койнунда,
Арамдар өткөн дүйнөдөн.
Бийлик тийсе дөгүрсүп,
Камандар өткөн дүйнөдөн.

Бир ооз сөзгө татыксыз,
Жамандар өткөн дүйнөдөн.
Жазылбайт кайра чеңгелиң,
Жараткан кайрып бербейсиң.
Жашымды канча төксөм да,
Жаныма кайра келбейсиң.
Жарымы кайгы, кубаныч,
Жараткан тура пендесин.
Жатканың бейиш жай болсун,
Жазымыш ушул не дейин?!

## Датка эненин кайраты

**(Курманжан Датка энебиздин уулу Камчыбек даргага асылаар алдында айткан кайраты)**

Тарткан уул болсоң атаңды,
Тайманбай кара ажалды.
Жашоонун заңы ушундай,
Жарымы жарык, караңгы.
Кудаанын бул да сыноосу,
Кабыл ал кайткыс сапарды.
Көкөлөп жаның учаарда,
Кулунум, көрсөтпө көздө капаңды.

Баш ийбей койгон күнөөбү?
Баскынчы койду күнөөнү.
Байлыгын тоноп карактап,
Басынткан жоксуң бирөөнү.
Эл намысын коргогон,
Элимдин элең тиреги.
Башыңды көтөр кулунум,
Баатырдын коркпойт жүрөгү.

Калк коргогон күнөөбү?!
Каапырлар такты күнөөнү.
Казынасын карактап,
Какшаткан жоксуң бирөөнү.
«Бунтар» деп сени кармады,
Бир айып таппай жүйөөлүү.
Кылымдар ырга айланып,
Кулунум, калкымдын болгуң мүрөгү!

Каректен күйгөн нур кайда?
Кайраттан танып муңайба.
Кемсинбей уулум тик кара,
Кеп болбо каардуу душманга.
Кан Датканын уулусуң,
Каапырдан мээрим сураба.
Алаканың кур эмес,
Артыңдан жолуң улаарга.

Жүзүндөн жанган нур кайда?
Жүүнүң бошоп муңайба.
Жүзүңдөн кайгы көрсөтпө,
Жаннатка жаның учаарда.
Тектүү жердин уулусуң,
Таба болбо душманга.
Тагдырың уулум ушул экен,
Тапшырдым сени Кудайга.

Көтөргүң бийик башыңды,
Көрсөтпө көздө жашыңды.
Эч качан балам кирдетпе,
Эр жигит деген атыңды.
Акыр башта бир өлүм,
Ар намыс ыйык салтыңды.
Эртеңки муундар ыр кылып,
Эл жерге жайсын даңкыңды.

Асканы чапса от чыгып,
Айбалта мизи кетилет.
Айлымды чаап кутуруп,
Ак орус желден эсирет.
Алла таала кудурет,
Ага да бир күн жеткирет.
Артында калган кулунуң,
Ал дагы бир күн жетилет.

Көк ташка тийсе от чыгып,
Көк болот мизи кетилет.
Көөдөндү тепсеп каапырлар,
Көк кийим желдет эсирет.
Көлдөгөн элдин көз жашын,
Көрүп турат кудурет.
Туурунда турат туягың,
Туйгунуң өсүп жетилет.

Бейиштин жайын сүйлөшкөн,
Беш убак намаз үйрөткөн.
Беш күнкү ушул жашоодо,
Бейчеки ойноп күлбөстөн,
Пейли таза жашоого,
Пенделерди үндөгөн,
Мухаммед расуллолла,
Пайгамбар өткөн дүйнөдөн.

## Мукан Рыскулбековко

Бул дүйнөдөн кимдер жашап өтпөгөн,
Бирөө жашайт аралашып көп менен.
Искусство дүйнөсүнө кыргыздын,
Из калтырып жашап кеттиң өчпөгөн.

Эмне мынча өлчөп берди өмүрдү,
Ошол өмүр ыр, күү болуп төгүлдү.
Көлдү бойлоп кумар болуп өзүңө,
Издеп жүргөн селкилер көп өзүңдү.

Жан дүйнөсү наристедей таптаза,
Бир жаралган талант элең башкача.
Тамшандырган далай муза жаралмак,
Ташыркатпай убагында таптаса.

Топ башылар тоготпосо байкабай,
Тоолук элиң эстеп сени байма- бай.
Токсон кайрык обондоруң тойлордо,
Тоолук жаштар тоо жаңыртат чарчабай.

## Ак бата

### *(кызым Гульнарага)*

Агарып аткан таң болуп,
Ак үйгө жарык шам болуп.
Алганың менен тең кары,
Алпештен сүйгөн жар болуп.

Урматтап сүйгөн жар болуп,
Үйүңө жарык шам болуп.
Уул кызың өсүп көбөйсүн,
Өзүнчө чакан шаар болуп.

Абийирдүү болуп жашыңдан,
Ак бата алып калкыңдан.
Алганың менен тең кары,
Ак жоолук түшпөй башыңдан.

Ыймандуу болуп жашыңдан,
Ыракмат алып калкыңдан.
Ынтымак менен өмүр сүр,
Ырыскың кетпей башыңдан.

Шуулдап бир ачып көбүргөн,
Шампандай болуп төгүлгөн.
Ынтымак бакыт кетпесин,
Ырыскың агып төрүңдөн.

Бараткан кезде жол кезип,
Бакытка кезик кол берип.
Апакай болгон үйүңдөн,
Ай сайын тургун той берип.

Келаткан кезде жол кезип,
Кызырга кезик кол берип.
Кут конуп барган үйүңдө,
Күн сайын тургун той берип.

Турмуш дайра шар агат,
Туугандан озгун сабалап.
Таалайлуу өмүр сүргүлө,
Токсон бир жашты чамалап.

Маралдай болуп сын бузбай,
Маңдайын жарык жылдыздай.
Манастын колдоп арбагын,
Уулуңар болсун Чыңгыздай.

Баш кошкон тойдун үстүндө,
Батасын берсин улуулар.
Батаасы тийип алардын,
Президент болсун уулуңар.

## Жыргалбекке

Жумакандан катуу сөгүш угасың,
Эми ичпейм деп үйдөн жакшы чыгасың.
Сулуулардай көз ымдашат камоктор,
Көңүл бурбай кекиртекти тыясың.

Түптүз басып жумушуңа келесиң,
Тыйыны арзан тамекиден чегесиң.
Толгоносуң тоготосуң таппайсың,
Татынакай жаңы ырлардын элесин.

Башың ооруп базар жакка барасың,
Тамылжыган тааныштарды табасың.
“Кел Жыке” деп сыйлап турса жаалашып,
Көңүл кыйбай жүздү согуп аласың.

Анан кетет буккан көңүл жазылып,
Анан кетет талант оозу ачылып.
Татынакай таттуу ойлорду табасың,
Татынакай жакшы ырларды жазасың.

## Сыймыктанам

*(Агайым Эсен Кадыровго)*

Көл боюнда Чырак деген айылда,
Коштоп жүргөн жыгач балдак жанында.
Элүү жылдай эмгек кылган агай бар,
Эл сыйлаган Эсен аттуу карыя.

Калыс сүйлөп кара кылды как жарган,
Калың журттан кадыр урмат барк алган.
Жарым жандуу, жарты сандуу болсо да,
Жаш кезинен жакшы иштерди аткарган.

Иш дегенде ичкен ашын таштаган,
Жалпы журтту жакшылыкка баштаган.
Айлыбызда аппак чачтуу болгуча,
Ала-Тоодой ак эмгегин сарптаган.

Ойдо жокто Ошко сапар тартамын,
"Олиң, олиң" оштун даамын тартамын.
Ошол жерден отургандар сурашат,
Окутуучу Эсен деген агайын.

Тууганчылап алыс дебей барасың,
Тагдыр буйруп даамын татам таластын.
Эң оболу эсенби деп сурашат,
Элибиздин Эсен деген баласын.

Куда болуп барып калсам Жумгалга,
Конок болуп мына эми кайтаарда.
Сындырчуудай салаарым бек кысып,
Салам айтып Эсен деген агайга.

Кыдырамын кыргызымдын жергесин,
Калк унутпайт эр жигиттин эмгегин.
Эртели кеч сыймыктанам өзүмчө,
Эсен агай болгон үчүн жердешим.

## Кайнатама

***(Кайнатам Султанкожоев Карынбайга арналат)***

"Каке" дешип улуу кичүү дайыма,
Кайнатам кадырлуу эле айлына.
Жакшылыкта, жамандыкта тик туруп,
Жакын алыс тең кароочу баарына.

Жолдон өткөн жолоочуну "беркел" деп,
"Түшкүн үйгө даам ооз тийип өткүн", - деп.
Бапырандап бир тамагын жыйнатчу,
Бол байбиче бөтөлкөңдөн алып кел, - деп.

Эмгекчи эле баба дыйкан колдогон,
Элибиздин ыйык салтын жолдогон.
Эшигине барып калган адамды,
Эки чыны чай ичкин деп зордогон.

Бакты сайып, бакты баккан гүлдөтүп,
Балдарына бактын сырын үйрөтүп.
Баратканын байкачумун көп жолу,
Бак аралап багы менен сүйлөшүп.

Балдарына арнап сайган алма бак,
Берекесин күздө төгөт тонналап.
Папабыздын белеги деп калтырган,
Бала чака байып жатат соодалап.

Кээде мага мындай кызык ой келет,
Кайран киши өтүп кетпей эртерээк.
Тирүү болсо китебиңди чыгар деп,
Түшүмүн бүт түгөл бойдон мага бермек.

## Бөрү заман

Жетимиш жыл жетелеп баштап келген,
Жетебиз деп жыргалга какшап келген.
Жалгандын акыр түбү кыйроо тура,
Жарылды империя мактап келген.

Эсил кайран СССР кулап жардан,
Элибиз эркиндигин колуна алган.
Эң биринчи президент Акаевич,
Элиме куруп кетти бөрү заман.

Куран кармап ант берген сөзүн танган,
Кудайга да айбыкпай айтып жалган.
Конституция дегенди уруп койбой,
Кемчонтойчо кудука талкан чалган.

Ыйык мыйзам бузулуп жаңыланган,
Ылайыктап өзүнө кабыл алган.
Окендерге бийлетип өкүмөтүн,
Өзү билип өзгөгө жерин саткан.

Вирус каптап бийликти пара деген,
Бүт бардыгы ооруду пара менен.
Илгерилебей ишибиз артка кетти,
Ити дагы бити да пара жеген.
Арзыматтар ак үйгө толуп алган,
Акаева ардактуу орун алган.
Акимди алмаштырып байпагындай,
Ак үйгө отдел кадр болуп алган.

Элдин мүлкүн ээн баштар тоноп алган,
Эркелетип эл башы коргоп алган.
Элибиздин жонунан кайыш тилип,
Эсирип турган кези бөрү заман.

Ыймансыздар ичип жеп көнүп алган,
Ырыскысын кыргыздын бөлүп алган.
Ынтымагы ыдырап кыргызымдын,
Ыркырап турган кези бөрү заман.

Жыйып алып жөөттөрдүн чыгаандарын,
Жапония кылам деп кыялдандың.
Шатырата кол чаптык, кол көтөрдүк,
Шандуу чыкса шайлоодо ураандарын.

Коздошуп кол тийбестик мыйзам жазган,
Кош колдоп кошоматтар кабыл алган.
Кочуштап казынаны чачып жатса,
Койгун деп бир да кыргыз айталбаган.

Бакс берип майласа алкымыңды,
Башкага берип койдуң алтынымды.
Сазга тыгып кыргызды баса бердиң,
Сары алтынга толтуруп капчыгыңды.

Бийликтин системасы ириңдеген,
Бийикке чыгалбайсың билим менен.
“Алга кыргыз” “Ак жолго” алмашылып,
Баратат Акаевдин изи менен.

Рэкет бийлеп алды базарыңды,
Ыйлатып тартып алат тапканыңды.
Кон. сотуң, чоң сотуң да, милицияң да,
Коргошот колунда бар акчалууну.

Жашообуз жакырланып кечегиден,
Жаштарың бакыт таппай мекенинен.
Жат жерде иштеп жүрөт, биттеп жүрөт,
Жалдырап үмүт үзүп эртеңинен.

Өрт тийгендей өнөр жай талкаланган,
Өкүмөт жок эл жүгүн аркалаган.
Өздөн чыккан терини иштете албай,
Өтүктү да алабыз башкалардан.

## Эл күткөн үмүт акталбай

Болот деп жакшы өзгөрүш,
Болду эле мартта төңкөрүш.
Келсе да жаңы президент,
Кеткен жок жашоо өзгөрүп.
Кете элек дале ак үйдөн,
Келемиш менен жөргөмүш.

Эл күткөн үмүт акталбай,
Эркиндик ыйык сакталбай.
Баарыбыз күткөн зарыгып,
Баш мыйзам калды такталбай.
Эл үчүн күйгөн жүгүрүп,
Эмгегиң калды бапкталбай.

Аскарды кууп кетирип,
Ажообуз болду Бакиев.
Бийликти уруп ойнобой,
Билгенин кылды Мотуев.
Бир тобу түлөө өткөрдү,
Бекназаровду кетирип.

Калк күткөн үмүт акталбай,
Калыстык таза сакталбай.
Папкелер үчүн күрөшкөн,
Башталды оюн көз таңмай.
Тыйылбай кайра күчөдү,
Тымызын пара акча алмай.

Элимдин багы ачылбай,
Эл үч үн жардам тартылбай.
Башчысы кыргыз элимдин,
Баштады ишин шашылбай.
Иритет элдин арасын,
Ич куптүү сөздөр басылбай.

Кыдырып элди көрдүңөр,
Кызыктуу эле сөзүңөр.
Баягы эле жол менен
Баратат баштап көчүңөр.
Тартынбай күрөш ачканга,
Таза эмес окшойт өзүңөр.

## Жарамазан

Ассалоом алейкум жарамазан,
Ак ордого атайылап салам айтам.
Келечектен таптакыр үмүт үзүп,
Кайыр сурап казакка бара жатам.

Он эки айда бир келген орозо Жан,
Ордодогу "Боссторго" салам айтам.
Окуу бүтүп, кызмат таап иштей албай,
Орустарга куюгуп бара жатам.

Жаткан чоңдор ак үйдүн бешигинде,
Жарамазан айтып келдим эшигине.
Арылбай Акаевдин мурасынан,
Алсам, жесем деген ой сезиминде.

Ак үйдөгү отурган "мырзаларым",
Укпадыңар элиңдин муңун зарын.
Куурап жаткан калкыңа кызмат кылбай,
Куруп кетсин күнүмдүк жыргаганың.

Тыңыңарды көрө албай буттан чалып,
Тындым кылып чак түштө атып салып.
Бок дүйнөсүн Аскардын таштай качкан,
Бөлүшө албай жатасың жакалашып.

Саясатты айлантып ойунчукка,
Салып коюп сумкага матрёшка.
Шпаналар жасабас ишти кылып,
Шылдың болдуң дүйнөлүк коомчулукка.

Жашырып эски бийлик былыктарын,
Жалындуу сүйлөп коюп улуктарым.
Кыйла убакыт эки жыл, кыйла убакыт,
Кыргызымдын жүрөгүн жылытпадың.

Баурдастар баратса сүйлөп көйрөң,
Басынамын каңырык түтөп күйөм.
Наразымын кай бирде апаларга,
Нурсултандай бир бала төрөбөгөн.

## Бала кезден бир элес

Кымбатым Жаңыл эстеби,
Кыз элең анда бештеги.
Үйүбүз турчу жанаша,
Чырактын саз жак четтеги.
Олтуруп алып ыр жаздым,
Ойго алып ошол кездерди.

Карашып бары жогуна,
Катар үй элек кошуна.
Ойночу элек ээрчишип,
Окшошуп эгиз козуга.
Болбурап ээрчип артыңдан,
Болчу элем дайым оюңа.

Ачканын билбей курсактын,
Артыңдан ээрчип бир бастым.
Түш ченде уктап калчубуз,
Түбүнө жатып уйгактын.
Эмизип кээде калчу элең,
Энеси болуп куурчактын.

Өзүңсүз жалгыз туралбайм,
Өзүңдү көрсөм кубангам.
"Жаңылды жиберсеңиз", - деп,
Апаңдан далай сурангам.
"Кел күйөө бала", - деп койсо,
Кызарып жаман уялгам.

Огород толо алма бак,
Ойнодук ичин аралап.
Жашынмак ойноп кай бирде,
Жашынып жедик карагат.
Араңардан зорго тапчу эле,
Апалар издеп кайдалап.

Ойнубуз дайым бир эле,
Оюндун түрү миң эле.
Үйлөнүү тоюн өткөрдү,
Улуурак бизден бир эже,
Мактанып айтсак кечинде.
Маңдайдан апаң сүйдү эле.

Окшошуп бойлор кичине,
Окууга бардык сүйүнө.
Мээримин төгүп каршы алды,
Мекеган деген бир эже.
Жанаша бирге олтурдук,
Жаралган өңдүү жан бирге.

Татына сүйкүм кыз элең,
Тырсылдап абдан тың элең.
Тазалык болуп класска,
Текшерип күндө турчу элең.
Тырмагың көрсөт дегенде,
Тыпыйган колум сунчу элем.

Таптакыр аны унутпайм,
Топ бала тозуп бурчтан.
Тийишсе сага шылдыңдап,

Болушуп сага урушкам.
Бойлуурак узун бирөөсүн,
Берип бир калдым тумшуктан.

Турганбы мурда камынып,
Топ бала мага жабылып.
Төпөштөп качып кетишти,
Сен турдуң ыйлап чаңырып.
Шашыла турдум ордуман,
Чаң болгон шымды кагынып.

Көгөртө койду көзүмдү,
Көзүмдүн жашы төгүлдү.
Солкулдап ыйлап жанымда,
Сооротуп жаттың өзүмдү.
Абама айтып сабатып,
Алып берем дедиң өчүмдү.

Ал кезек кетти кайрылбай,
Ал кезек кайра табылбай.
Эчен жыл өтүп кетсе да,
Элесиң жүрөт айрылбай.
Мен үчүн кымбат жан белең,
Мезгилге сезим багынбай.

## Агама

*Агам Токтакунов Масайга арнайм*

Бирөөнүн бактысына көз артпаган,
Бирөөгө бир ооз чеки сөз айтпаган.
Билинбей жашап өттү бул дүйнөдөн,
Бактысын багып жүргөн малдан тапкан.

Бирөөнүн байлыгына суктанбаган,
Бейчеки ачуу суудан ууртабаган.
Бергенин жараткандын топук кылып,
Бешене тери менен ак жашаган.

Мүнөзү токтоо эле коңур эле,
Митаамдыкты билбеген момун эле.
Эрикпей ээн тоолорду мекен кылып,
Эрмеги айдап жүргөн коюу эле.

Жонуна мал табарын кийип алып,
Жол жорго карагерин минип алып.
Таттуу уйкусун бузбастан жеңебиздин,
Таң менен туруп кетчү малын жайып.

Сүйдүбү сүйгөн жокпу билбейт анык,
Жеңеме баш кошуптур кудалашып.
Жети кыз, эки эр жигит өстүрүштү,
Жашоонун арабасын бирге тартып.

Жыл сайын уда, удаа, кыздуу болду,
Жентекке жарып  салып семиз койду.
Жеңеңер да бир “Волга” таап келди деп,
Жылмайып мыйыгынан күлүп койчу.

Куда сөөк уул кыздары сыйлаарында,
Көзү өттү алтымыш беш курагында.
Кор кылбай уул кыздарды чоңойтом деп,
Көрүнбөй догдурларга убагында.

**Даткайым**

***(Ак жалга  АОнун президенти Жүзүмалиевага)***

Жалпыга тийип жардамың,
Жадырап турган ар дайым.
Жети-Өгүз жердин соорусу,
Жеримден чыктың даткайым.

Калкыңа тийип жардамың,
Кадырлап турган ар дайым.
Көтөрүп элдин турмушун,
Көлүмдөн чыктың даткайым.

Калкыңа тийип жардамың,
Кадырлап турган ар дайым.
Көтөрүп элдин турмушун,
Көлүмдөн чыктың даткайым.

Тобокел ишти баштадың,
Тайманбай алга аттадың.
Тар кечүү тайгак дайрадан,
Таап чыктың жолун даткайым.

Ишинди нөлдөн баштадың,
Ийилсең артка тартпадың.
Ичи тар кээ бир көрө албай,
Ийниңен басты даткайым.

"Ак Жалга" асыл максатын,
Ак тилек менен баштадың.
Ак батаа алып элиңден,
Алдыга чыктың даткайым.

Эл жыйган мүлктү чачпадың,
"Эркекче" тоноп сатпадың.
Эртеңки күнгө кам көрүп,
Эл кызы болдуң даткайым.

Калкыңдын мүлкүн барктадың,
Кыйратпай бүтүн сактадың.
Калкыңдын жарап ишине,
Кадырлуу болдуң даткайым.

Көөнүнө толуп айтканын,
Көпчүлүк берди жардамын.
Көктөгү жанган жылдыздай,
Көрүндүң элге даткайым.

Жалпыга жагып айтканың,
Жалпы журт берди жардамын.
Жаркырап Чолпон жылдыздай,
Жана бер дайым даткайым.

Байкабай таңдын атканын,
Байкабай күндүн батканын.
Бараткан жолдон адашпай,
Багынттың баарын даткайым.

Айлыма атың дапдайын,
Алкышын айтат калк дайым.
Аккуусу Ысык-Көлүмдүн,
Айчүрөк сындуу даткайым.

Баарыга атың дапдайын,
Батасын берет калк дайым.
Элиңе Умай энедей,
Урматка жеттиң даткайым.

Илгери сүйрөп жаштарын,
Ишине жарап канчанын.
Ирдентип жашоо турмушун,
Ийнинен тарттың даткайым.

Кыздардан чыккан далай жан,
Курманжан чыкса Алайдан.
Кем эмес кылган кызматы,
Күлүйпа эжем алардан.

**Думугуп жүрөм**
**(Жазуучулар Союзунун төрагасы Ч. Абыкеевге)**

Атайлап жазып ыр китеп,
Айылдан келдим сизди издеп.
Таанылбай жүргөн акынмын,
Талантым баалап билээр деп.
Думугуп жүргөн кезегим,
Демөөрчү таппай күчтүүрөөк.

Эки жыл болду ыр жазам,
Эң жакшы дешет тыңдаган.
Басыгың жакшы экен деп,
Байдылда акын сындаган.
Басылбай жатат ырларым,
Каражат жагы кыйнаган.

Жогорку окуу билим жок,
Жөлөгөн күчтүү кишим жок.
Бир атадан жалгызмын,
Бизнесмен болгон иним жок.
Жайылбай элге ырларым,
Жалындап күйүп ичим чок.

Бешенең жарык маңдайың,
Белекке китеп арнадым.
Байдылдадай жазсам дейм,
Байкаңыз окуп барагын.
Жолугушуп сүйлөшсөм,
Жобурап берем калганын.

## Чалынбай жүрчү Байдыке

***(Байдыкеге 1983-жылы жолукканда жазылган)***

Талантың Нарын дайрадай,
Таштадың бир топ баалабай.
Таптырбай жүрдүң бир топ жыл,
Эси жок эрке баладай,
Табышып бүгүн турабыз.
Сагыныч такыр тарабай.

Билинбей кетип далайга,
Кат жаздың Мидин агайга.
Кайрылып жообу келдиби,
Жиберген ысык саламга.
Кандай алда жүрдү экен деп, Мидикем.
Кыямат кайым ал жакта.

Курсагы ачпы ток бекен,
Кайгысы такыр жок бекен.
Таланты укмуш киши эле,
Кызматта бекен, бош бекен.
Байдылдага барсын деп,
Посылка салган жок бекен.

Агарып кара чачтарың,
Элүүнүн кырын аттадың.
Момурап жопжоош балача,
Момпосуй соро баштадың.
Чалынбай жүрчү Байдыке,
Чакырып кетпей жаш чагың.

## Кадырман кутман карысын

***(Жети-Өгүз механизациялаштырылган токой чарбасынын директору Жумаев Кадыр Жумаевичке)***

Каректен өтсө чубашып,
Кырк жылы кыйла убакыт.
Кары жаш далай адамды,
Кызматың менен кубантып.
Калдайган калың том болмок,
Кагазга жазсак чубалтып.

Жети-Өгүз токой чарбада,
Отуз жыл болдуң башкарма.
Тажрыйба бөлүштүң,
Таланттуу далай жаштарга.
Идиректүү бир тобу,
Иштешет жогор жактарда.

Кырк жылы арнап бар күчүң,
Кызматты кылсаң калк үчүн.
Кыргыздын улуу тоюнда,
Президент берген алкышын.
Калайык калкың сыйлаган,
Кадырман кутман карысың.

Союздан алып кызыл туу,
Союзга атың угулду.
Жердештериң макташчу,
Жетекчи дешип чыгымдуу.
Күпүлдөп аккан дайрага,
Көпүрө жолдор курулду.

Мекенге арнап өмүрдү,
Маңдайдан терлер төгүлдү.
Калыстап барын так иштеп,
Карааның калкка көрүндү.
Далай жолу шайлашты,
Депутат кылып өзүңдү.

Көргөзсөң мыкты ишиңди,
Кыйлага атың билинди.
Борбордук ардак тактага,
Бакыйып атың илинди.
Жеңишиң менен куттуктап,
Жети-Өгүз эли сүйүндү.

Кетсе деп ишим ирденип,
Күн-түнү тынбай изденип.
Кедерги болсо жумушта,
Кейидиң кэзде жин келип.
Жүгүрүп жүрүп сезбепсиң,
Жүрөккө далай күч келип.

Токсонго чыкпайт ар адам,
Токсонго чыкпайт каалаган.
Сеңселтип аппак сакалды,
Сый-урмат көрүп эл журттан.
Токсонго чыгып той берип,
Тост айтып тургун агажан.

## Эл колдойт

***(Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Депутаты Болот Шерге)***

Элим деп жүргөн эр жигит,
Эл үчүн күйгөн шер жигит.
Элүүгө келип калыпсыз,
Эркиндик, элим деп жүрүп.

Таластан чыккан эр жигит,
Арыстан жүрөк шер жигит.
Ак буурул тартты чачтарың,
Ата журт Кыргыз деп жүрүп.

Тайманбай айтсаң чындыкты,
"Таксырдын" бети тырышты.
Таңуулап күнөө өзүнө,
Тамаша далай калышты.

Сатылбай койсоң акчага,
Саясат ойлоп башкача.
Сасыган арыз жаздырды,
Сатылган бир топ акмакка.

Жашырып элден абдан бек,
Жер берсе Ажоо Аскарбек.
Кыйкырып чыктың тартынбай,
"Кыргыздын жерин саткан" – деп.

Ичинен күйүп каарданып,
Издеди далай жамандык.
Таптаза болуп турсаң да,
Түрмөгө калдың камалып.

Ойлору ишке ашкан жок,
Өз элиң сени саткан жок.
Автомат менен атса да,
Таластын эли качкан жок.

Алдыга чыгып жол баштап,
Ак үйгө келсең эл баштап.
Ардактуу биздин Ажообуз,
Ак Үйдөн качты ээн таштап.

Таап чыксаң бийлик былыгын,
Тиштерин кайрап тымызын.
Кызматтан сүрүп кетирди,
Көрө албас "Кыргызчылыгым".

Жүрөгүң күйүп эл коргон,
Жүрөсүң дайым элди ойлоп.
Өз жолуңдан тайбагын,
Өзүңдү дайым эл колдойт.

## Торсоңдоп чуркап жүрүңүз

*(Абам Алыбаев Сарыга)*

Жетимиш ашып келдиңиз,
Жыргап бир турган кезиңиз.
Он бала жөлөп он жактан,
Эч бир жок бир кемиңиз.

Тургузуп далай тамдарды,
Тууганга бердиң жардамды.
Жарылып колдор кесилип,
Жаш кезде көрдүң далайды.

Чатырын үйдүн жаптыңыз,
Чарчабай алга басыңыз.
Чыйпылдап турган балдарды,
Чымчыктай болуп бактыңыз.

Тактайдын четин жаптыңыз,
Талыкпай алга бастыңыз.
Төрөсө жеңем уул кызды,
Тырышып жүрүп бактыңыз.

Он бала багыш оңойбу?
Ону тең окуп чоңойду.
Ойлонуп көрүп өкмөт,
Орден бир берсе болбойбу?

Айтайын кыздар балдарга,
Азап иш карыган чалдарга.
Ауди минсе жарашмак,
Автобус тоспой карыганда.

Конокко кэзде барганда,
Жөө жүрүш кыйын чалдарга.
Жигули минсе жарашмак,
Жол тосуп жүрбөй карыганда.

Жетимиш жаштан ашса да,
Жигиттей сиздин түрүңүз.
Сексенде таяк таянбай,
Секирип чуркап жүрүңүз.

Карылык келип калса да,
Кайраттуу азыр түрүңүз.
Токсондо токол алам деп,
Торсоңдоп чуркап жүрүңүз.

## Классташка

Классташ курбум Ракым,
Кумтөрдү бийлеп турасың.
Алдыңа келдим иш сурап,
Айласын кандай кыласың.

Кечээки эмес башкасың,
Кумтөрдө азыр танкасың.
Махорка сурап мен жүрсөм,
Мальборо тандап тартасың.

Теңтуш деп сага барганмын,
Теңтуштун тийгиз жардамын.
Токтобайча жоксуң деп,
Тыбырап жатат алганым.

Жолдош деп сага барганмын,
Жолдоштун тийгиз жардамын.
Жолоочуга жоксуң деп,
Жобурап жатат алганым.

Өйдө ылдый болуп жашайбыз,
Өмүрдүн жүгүн тартабыз.
Чырактагы боз дөңгө,
Чогулуп бир күн жатабыз.

# Досума

***(Ашыров Арстанбектин жаркын элесине арналат)***

Тармал чачтуу досум бар эле,
Татынакай сонун жан эле.
Түбөлүккө уктап калса да,
Түңүлалбай жүрөм дагы эле.

Жакшынакай досум бар эле,
Жаркылдаган шайыр жан эле.
Жүзүн буруп бизден кетсе да,
Жүрөгүмдө жүрөт дагы эле.

Бажырайган досум бар эле,
Бакылдаган өткүр жан эле.
Улар болуп учуп кетсе да,
Унутулбай жүрөм дагы эле.

## Жаңы жыл

Ак жолтой бол жаңы жыл,
Аш  тамакты арзан кыл.
Ала-тоолук кыргызды,
Апаттардан аман кыл.

Бакыт бергин жаңы жыл,
Берекелүү заман кыл.
Бапыратып той берсин,
Баласызды базар кыл.

Байлык бергин жаңы жыл,
Пейли тарды адам кыл.
Бечаралар байысын,
Бакстарды саман кыл.

Семиз болгун жаңы жыл,
Сараңдарды адам кыл.
Сойлоп келген батыштан,
СПИДинен аман кыл.

Жакшылык бер жаңы жыл,
Жардыларды бардар кыл.
Бүткүл дүйнө жүзүндө,
Бейкутчулук заман кыл.

Салам айтам жаңы жыл,
Сарсанаадан аман кыл.
Салгылашкан жаат курап,
Саясатты тамам кыл.

## МАЗМУНУ

БАЙДЫЛДАНЫН БАТАСЫ ........................................ 5
САРНОГОЕВГЕ САЛАМ КАТ ........................................ 7
БАЛБАЙ БААТЫРДЫН КЕРЭЭЗИ ........................................ 20
КАЙРАН ЭЛ ........................................ 37
ЧЫНГЫЗГА ТЕРМЕ ........................................ 42
ӨНӨРДҮН АЛДЫ - КЫЗЫЛ ТИЛ ........................................ 49
БАЗАРДАГЫ БАЛАНЫН ЫРЫ ........................................ 53
КУРУСУН ........................................ 58
ЖЕТИ-ӨГҮЗ КАПЧЫГАЙЫ ........................................ 61
БИШКЕККЕ КАТ ........................................ 64
ЗАМИРАНЫН АРМАНЫ ........................................ 67
ЖЕТИ-ГУЗ ЖӨНҮНДӨ БАЯН ........................................ 72
АБДЫЛДАБЕКТИН АРМАНЫ ........................................ 80
КОШТОШУУ ........................................ 88
АЙНАШ КЫЗДЫН АРМАНЫ ........................................ 93
ҮЙ САТАМ ........................................ 100
ТӨГӨЧҮ ........................................ 100
ДАТКА ЭНЕНИН КАЙРАТЫ ........................................ 111
МУКАН РЫСКУЛБЕКОВКО ........................................ 114
АК БАТА ........................................ 115
ЖЫРГАЛБЕККЕ ........................................ 117
СЫЙМЫКТАНАМ ........................................ 118
КАЙНАТАМА ........................................ 119

БӨРҮ ЗАМАН........................................................................120
ЭЛ КҮТКӨН ҮМҮТ АКТАЛБАЙ ..........................................123
ЖАРАМАЗАН .......................................................................124
БАЛА КЕЗДЕН БИР ЭЛЕС.................................................126
АГАМА...................................................................................128
ДАТКАЙЫМ.........................................................................130
КАДЫРМАН КУТМАН КАРЫСЫН...................................135
ЭЛ КОЛДОЙТ........................................................................138
ТОРСОҢДОП ЧУРКАП ЖҮРҮҢҮЗ...................................140
КЛАССТАШКА....................................................................142
ДОСУМА.............................................................................143
ЖАҢЫ ЖЫЛ........................................................................144

**Асек Казиев**

**Сарногоевге салам кат**

(дастандар топтому)

Бул китеп бонча оюңарды төмөнкү телефонго билдирип, койсоңуздар болот. (0773) 900-419


**Редактору: Шамуратов К.**

**Техникалык редактор: Сыдыков А.**

**Компьютердик калыпка салган: Чекиров Н.**

Тергүүгө 23.12.2013-ж. берилди. Басууга 25.12.2013-ж.

Кол коюлду. Заказ №102. Офсеттик басма

Нускасы 100 даана

ЖЧК "Максат" басма полиграфиялык

комплексинде басылды.

Бишке шаары, Тынчтык проспкти 56

Тел.: 0779 232627